КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ
ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

СВЕТЛАНА БАТАКАНОВА

МАНАСТААНУУЧУ – КАЛИМ РАХМАТУЛЛИН

Бишкек-2013

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ
ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

СВЕТЛАНА БАТАКАНОВА

МАНАС ТААНУУЧУ – КАЛИМ РАХМАТУЛЛИН

(К.Рахматуллиндин 110 жылдыгына арналат)

Бишкек-2013

УДК 398
ББК 82.3 (2Ки)
Б 28

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин окуу-методикалык кеңешинин чечими менен басууга сунушталды.

Жооптуу редактор: Ишекеев Н.И. – педагогика илимдеринин доктору, профессор

Рецензиялаган: Байгазиев С.О. – филология илимдеринин доктору, профессор

Батаканова Светлана Топчиевна

Б 28 "Манас" таануучу – Калим Рахматуллин (К.Рахматуллиндин 110 жылдыгына арналат). – Б.: Кут бер, 2013. – 72 б.

ISBN 978-9967-31-010-0

Китепте адабиятчы К.Рахматуллиндин элдик оозеки чыгармалар, манасчылар жөнүндөгү китептери, професионал адабият боюнча изилдөөлөрү жана түзгөн окуу куралдары жөнүндө сөз болот. Эмгек билим берүү жана илим чөйрөсүнө арналат.

Б 4604000000-13

УДК 398
ББК 82.3 (2Ки)

ISBN 978-9967-31-010-0

© Батаканова С.Т., 2013

Киришүү

"Сынчылардын баарынан улуусу,
баарынан адилетүүсү мезгил болот".
В.Г. Белинский.

Кыргыз адабий сынынын өнүгүшүн эстегенибизде биринчилерден болуп Калим Рахматуллиндин ысмы эске түшөт. Ал-фольклорист, адабий сынчы, драматург, котормочу, зирек журналист жана коомдук ишмер катарында кыргыз адабиятынын тарыхында өз ордун ээлеп калды. К.Рахматуллин улуттук адабияттын өнүгүшүнө жүрөгү менен күйгөн инсан катары эмгектенген.

К.Рахматуллин 1903-жылы Токмок шаарында кедей-дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Ал атасынан 12 жашка толо элегинде ажырап, турмуштун оор запкысын эрте таткан.

Ал совет бийлигинин чыңдалышына кубанып гана четте турбастан, активдүү аракетте болду. Тагыраак айтканда, жумушчу менен дыйкандар тарабынан авангарды болгон коммунисттик партиянын катарына 1919-жылы мүчө болуп кирет. Мына ошол күндөн баштап К.Рахматуллиндин өмүрү жана чыгармачылыгы коом менен карым-катнашта болгон жана өнүгүп олтурган.

1923-1925- жылдары САГУда окуп, билимин өркүндөттү. Жарандык согуштун оор жылдарында өз каалоосу менен Кызыл гвардиячылардын катарына кирип, республикабыздын аймагында пайда болуп жаткан басмачыларга каршы күрөштү.

Калим Рахматуллиндин адабий чыгармачылыгы көп улуттуу совет адабиятынын өнүгүшү менен бекем байланыштуу. Ал окуп жүргөндө эле басма сөз менен тыгыз байланышта болуп, ошол эле мезгилде ВКП БК нын Орто Азия бюросунун басма сөз бөлүмүндө адабий кызматкер болуп иштеген. Кийин бир канча жылдар бою партиялык

кызматтарда иштеп жүрүп, "Кызыл Кыргызстан" газетасынын редакторуна чейинки жооптуу жолду басып өткөн.

Адабиятчы өмүрүнүн акыркы жылдарын педагогикалык иш менен түйшүктүү чыгармачылыкты айкалыштырып эмгектенди. Педагогикалык институттун мугалими жана кыргыз адабияты кафедрасынын башчысы болуп иштеп турду. Социалисттик Эмгектин баатыры, Кыргыз эл жазуучусу А.Токомбаев адабиятчынын коомдук ишмердигин төмөнкүчө эскерет: "Редакторлук милдетти аткарып турган учурда, тап тартышынын күчөп турган кези эле. Ал большевиктик басманын айланасына өсүп келе жаткан советтик жаш интеллигенттерди топтоп, аларды ишке машыктырууда үлгүлүү иштерди кылды" (А.Токомбаев. К.Рахматуллин // Советтик Кыргызстан, 1941.- № 7-8, 36-б.).

К.Рахматуллин- кыргыз адабиятында алгачкылардан болуп, эпикалык чыгармалардын океаны болгон "Манас" эпосун изилдөөгө белсенип киришкен көрүнүктүү фольклорист. Адабиятчынын "Улуу патриот, укмуштуу Манас" аттуу илимий эмгегинде ойдун адилеттүүлүгү, айтылган пикирдин омоктуулугу аттын кашкасындай көрүнүп турат. Илимий эмгекте эпостун чыгыш тарыхына көңүл буруп, айрым фактылардын негизинде эпосту тарыхый принципте жалпылаштырып карайт. Ошондой эле адеп-ахлактык категория болгон атуулдуктун, мекенчилдиктин чагылышын эпостогу образдардын, сценалардын сүрөттөлүшүнөн улам терең талдоого алат.

Ал эми эпосту жазып алуу тарыхы, манасты айтуучулардын өмүр баяндык материалдары К.Рахматуллиндин 1942-жылы жарыкка чыккан "Манасчылар" деген дөөлөттүү эмгегинде терең берилген. К.Рахматуллин эпосту изилдөө менен чектелген жок. Ошол изилдөө иши жүрүп олтуруп адабиятта көркөм чыгарма жаратууга түрткү берди. Эл жазуучусу Т.Сыдыкбеков менен

бирдикте жазган “Манас жана Алманбет” пьесасын мурас кылып калтырды.

Бүгүнкү күндө К.Рахматуллиндин кызынын эскерүүсүнө караганда сынчы бир топ драмалык чыгармаларды жараткан. Өзгөчө, адабиятчынын кыргыз фольклоруна берген классификациясы жогорку деңгээлде иштелген. Анткени, фольклор жанрына кайрылган кайсы гана окумуштуу болбосун К.Рахматуллиндин классификациясын негиз кылып алышкандыгын оңой эле байкоого болот. Мындан тышкары, сынчы кыргыз совет адабиятын насыйкаттоо менен бирге аны изилдеп, бир катар илимий макалаларды жаратты.

1943-жылы чыккан “Кыргыз совет адабиятынын очеркиндеги” К.Рахматуллин тарабынан иштелген “Кыргыз совет адабияты” бөлүмүндө адабиятыбыздын актуалдуу маселелери кең-кесири сөз кылынган. Ал эми тигил же бул акын, жазуучунун чыгармачылыгы талдоого алынып, идеялык-көркөмдүк бөтөнчөлүктөрү илимий негизде чечмеленген. Бүгүнкү күндө К.Рахматуллин туурасында атайын жазылган эмгектер болбосо да, адабиятчынын чыгармачылыгы жөнүндө кээ бир илимий эмгектерде, макалаларда учкай айтылган ойлор жолугат.

К.Рахматуллиндин “Улуу патриот укмуштуу Манас” деген эмгегине карата Я.Апушкиндин “Великий патриот легендарный Манас”/о книге К.Рахматуллина/ деген макаласы «Советская Киргизия» /1943,14 апреля/ газетасына жарыяланган. Макалада китептин актуалдуулугу туурасында айрым бир пикирлерди айткан.

Ал эми К.Рахматулиндин «Манас жана Алманбет» пьесасы туурасында, белгилүү адабиятчы С.Липкиндин “Советская Киргизия” /1944, 12 ноября/ газетасындагы “Манас и Алмамбет” деген макаласында пьесаны баатырдык-патриоттук теманын мунарасы деп көрсөтсө, анын фольклорго берген класификациясын проф. К.Иманалиев “ Орто мектептерде адабиятты окутуунун кээ бир маселелери”

/1973/ деген эмгегинде илимий жагынан оң баага татыктуу дейт.

Кыскасы, К.Рахматуллиндин фольклордук традициядан профессионалдык деңгээлде өсүп чыккан кыргыз совет адабиятына кошкон салымы кеңири сөз кылууга арзыйт.

I ГЛАВА К. РАХМАТУЛЛИН-ФОЛЬКЛОРИСТ

Кыргыз эли кылымдар бою басып өткөн тарыхында сөз искусствосунун бай казнасын иштеп чыгып, аны муундан-муунга мурас кылып калтырып келди. Алардын ичинен омоктуу орунду фольклор ээлейт. Кыргыз фольклору жазма адабият пайда боло электе ооздон-оозго өтүү менен таралып, мезгилдин мүнөзүнө, айтуучулардын тааныш-билүүсүнө жараша өзгөртүүлөр киргизилип, коллективдүү чыгарма катары жашап келди.

Фольклор деген түшүнүк "фольк"-эл, "лорф"-көз караш, дүйнөгө көз караш, жыйынтыгында "элдин элестүү көз карашы", -дегенди билдирет. Демек, журтубуздун тарыхынын дүйнөнү көркөм таануусу чыпчыргасыз фольклор аркылуу бүгүнкү күнгө жеткендиги талашсыз. А.М. Горький: "Эмгекчи элдин оозеки эл чыгармасын билбей туруп, анын тарыхын билүүгө болбойт" -деп таамай белгилеген (А.М.Горький. О литературе М.: Советский писатель, 1977, - С.455-456). Кыргыз элинин өткөндөгү тарыхын, үрп-адатын, маданиятын көрсөткөн элдик оозеки чыгармаларды изилдөө жана жыйноо Улуу Октябрь революциясына чейин бирин-серин гана адамдын өз демилгелери боюнча жүргүзүлүп келгендиги маалым. XIX кылымдын 50-жылдарынан баштап орустун, казактын айрым окумуштуулары кыргыз элинин арасынан фольклордук чыгармалардын анча-мынчасын жыйнап алып (Ч.Валиханов, академик В,Радлов), ошол материалдардын негизинде алгачкы илимий ой-жүгүртүүлөрүн жазышкан.

Фольклорду жыйноо, үйрөнүү ишинин кеңири жолго коюлушу советтик мезгилге таандык. Улуу Октябрь революциясы жеңгенден кийин, совет өкмөтү элдик мурастарды жогору баалап, уруят түзүлүштүн алгачкы жылдарында эле буга олуттуу көңүл бурду.

1922-жылы түрколог П.А. Фалевдин "Кара кыргыздын былиналары кандайча түзүлөт" деген эмгеги "Наука и просвещение" деген журналга басылып чыккан. Автор бул эмгегинде океан сындуу эпостогу айрым көркөм сценаларды байыркы түрк элдеринин эстеликтерине салыштырып изилдеген. Ал эми жалпы эле кыргыз адабиятынын, айрыкча оозеки көркөм чыгармачылыгынын айрым пробемаларын чечүү жана изилдөө ишинин тагдыры 30-40-жылдар аралыгында адабиятчы жана адабий сынчылар К.Рахматуллин, М.Богданова, А.Поливанов, белгилүү жазуучу жана окумуштуу М.Ауэзов, академик В.И.Жирмунский, Б.Юнусалиев өңдүү бир топ көрүнүктүү окумуштуулардын ысымдары менен байланыштуу.

1945-жылы Манастын мааракесине, башкача айтканда, 1100 жылдыгына карата В.И. Жирмунский башчылык кылган атайын окумуштуулардын кеңеши түзүлгөн. Кеңештин түзүмүнө адабиятчы К.Рахматуллин да кирген. Булардын негизги максаты "Манас" эпосун изилдөө, жыйноо жана айрым бир илимий корутундуларды чыгаруу эле. Чындыгында, кыргыз фольклористикасы, айрыкча акыркы жылдары зор өсүштөргө ээ болгон. Оозеки чыгармаларды изилдөөнү максат кылган таланттуу жаштардын саны күн санап артты. Фольклор боюнча жазылган илимий диссертациялар, монографиялык эмгектер мунун ачык күбөсү. Эпикалык чыгармалардын алпы болгон "Манас" эпосун изилдөөчүлөрдүн эсеби боюнча эпос бир миллиондон ашуун сап ырдан турарын эске ала турган болсок, кыргыз тилинин байлыгын, элдин чыгармачылыгын, шыгын байкоого болот. Көркөм сөздүн эң баалуу түрү чылк ыр менен түзүлгөн бул эбегейсиз зор эпопеядан боёктун даана түстөрү менен чебер тартылып, бири-биринен ташка тамга баскандай айырмаланып турган ондогон каармандардын портреттерин көрөбүз. Бул эпостон делебени козгогон көркөм ырлар аркылуу сүрөттөлгөн жердин, суунун, тоонун, жаныбарлардын кызык сүрөттөрүн, кылымдар бою

турмуштук тажрыйбада такшалган курч сөздөрдү, нечен түркөн укмуштуу мифтерди, адамдын кылдат сезимдерин баяндаган армандарды, керээздерди, кошокторду учуратабыз.

"Манасты" изилдөөчүлөрдүн бири казак окумуштуусу Ч. Валиханов эпоско төмөндөгүдөй баа берген: "Манас" эпосу бир убакытка келтирилген жана бир адамдын Манас баатырдын тегерегинде топтолгон кыргыз мифтеринин, жомокторунун энциклопедиялык жыйнагы. Бул талаа "Иллиядасы" сыяктуу чыгарма. Бул чексиз чоң эпопеяда кыргыздын турмушу, салты, географиясы, диний жана легендалык түшүнүгү жана эл аралык мамилеси орун алган" (Ч.Валиханов. Сочинение, СПБ, 1974. -С. 71.).

Ал эми адабиятчы К.Рахматулин эпос тууралуу: "Бул дүйнөдөгү эң атактуу эпостордон көлөмү ондогон мертебе зор чыгарма, миллион жолдон ашык ырдан түзүлгөн "Манас" эпосу кыргыз фольклорунун бардык дээрлик түрлөрүн өз ичине алат. Мында адам баласынын эң байыркы көз карашын көрсөткөн мифтер да, уруучулук, патриархалдык-феодалдык курулуштагы үрп-адатты, турмуш каадасын көрсөткөн кошоктор да, элдин ой пикирин, муң-зарын терең, эң кооз кылып айтып берүүчү толуп жаткан турмуштук ырлар да кеңири колдонулган"-деген (К.Рахматуллин. "Улуу патриот, укмуштуу Манас". -Ф.,1942, 8-б.). Мына ушул дүйнөдө теңдеши жок "Манас" эпосуна белсенип киришкен белгилүү фольклорист, адабиятчы Калим Рахматуллиндин эпоско арналган илимий эмгектери, монографиялары, макалалары өткөн кылымдын40-жылдары жарык көрө баштаган.

Октябрь революциясына чейин "Манас" эпосун изилдөөчүлөр эпосту изилдөөдө өздөрүнүн алдына койгон негизги маселелерин чечүүдө эпостун бир эпизодуна, үзүндүлөрүнө таянып, теориялык ой жүгүртүүлөрдү айтышкан. Кыскасы, "Манас" эпосунун идеялык мазмуну, сюжети менен толук тааныш болушпаган. Ал эми К.Рахматуллиндин изилдөөсүнөн башкача көрүнүштү көрүүгө болот.

К.Рахматуллиндин "Улуу патриот, укмуштуу Манас" аттуу илимий эмгеги орус жана кыргыз тилинде 1942-жылы жарык көргөн. Бул мезгилде Улуу Ата Мекндик согуш жүрүп жаткандыгы белгилүү. Ушул конкреттүү тарыхый шарт илимий эмгектин жаралышына шарт түздү десек жаңылышпайбыз. Анткени, кан кайнаган согуш маалында "Манас" өндүү патриотизмдин үлгүсү болгон эпосторду пропагандалоо зарыл эле. "Манас" эпосу аркылуу эмгекчилердин патриоттук сезимин ойготуу, илимий эмгектин духун түзгөндүгүн алдын ала айтканыбыз оң. Эмгекте ири алды кыргыз элинин пайда болушуна, өз эркиндиги үчүн өмүр бою душмандар менен күрөшүп келгендигине токтолуп, биздин эрага чейинки 400 жыл мурун Кытайдын түндүк жагындагы азыркы Сибирдин жерлеринде жашаган урууларды кытайлар "динлин" деп аташкан. Мына ушул динлиндерлин түштүктө, Енисей дарыясынын орто жана жогорку бойлорунда жашаган урууларын кытайлар мындан 2300 жыл мурун кыргыз деп аташат. Демек, динлиндердин ичинен кыргыздар бөлүнүп чыгып, өз бетинче жашай баштайт (К.Рахматуллин. "Улуу патриот укмуштуу Манас".Ф.,1942, 23-б.).Академик В.В. Бартольддун материалдарына таянып, кыргыз элинин биздин замандын II кылымынан баштап, 1916-жылкы көтөрүлүшкө чейинки күрөшүн санап өтүп, кыргыз эли өз эркиндиги, көз каранды эместиги үчүн кылымдар бою күрөшүп келгендигин ачык далилдеген жана "Манас" эпосунун баа жеткис касиети-андагы ар бир сцена, боштондук үчүн күрөшүү идеясына сугарылгандыгын ачып берген.

Ал эми "Манастын" мазмунун деңизге салыштырып, мында кыргыз элинин миңдеген жылдардан бери башынан өткөргөн зор тарыхый окуяларынын жыйындысынын көркөм чагылышы жаткандыгын анализдейт. Манасчы Орозбак уулу Сагымбайдын варианты боюнча "Манас" эпосунун он үч бөлүмдөн турган сюжетин кыскача түшүндүрүп, эпос менен

тарыхтын карым-катнашына жана айырмачылыгына терең изилдөө жүргүзгөн.

840-жылы кыргыздар Орхон дарыясы боюнда уйгурлардын армиясын талкалап, алардын ханшасы Тайхону колго түшүрөт. Бул кезде уйгурлардын Гюйлу Баба деген князы кыргыздар жагына өтүп, аларга жардам кылат. Ошону менен катар Орхон дарыясынын боюнда уйгурлардын Бей-Тин деген шаары болот. Мына буга караганда "Чоң казат", башкача айтканда, Манастын Бэжинди алышы ушул окуянын болушу мүмкүн. Анткени, мында жердин аты да, шаардын аты да туура келет. "Чоң казатта" Манастын колу Орхон дайрасына өткөн Бээжин менен Бейтин деген ат да уйкаш келет (Көрсөтүлгөн адабият 26-б.). Тарыхтагы Гойлу Бабанын кыргыздарга өткөндүгү менен "Манас" эпосундагы Алмамбеттин Кытайдан качып Манаска кошулгандыгын, тарыхта Тайхо колго түшкөндүгү менен "Маната" Эсенкан кызы Бурулчанын тартуу кылып беришин илимий фактыга таянып окшоштургандыгы көрүнүп турат. Кашкардагы Ходжи Жаангардын көтөрүлүшүнө катышканын көрөбүз. Ал эми Манастын Кашгарга жасаган чабуулун айтканда Жаангер деген адамдын наамы бар. Мына ошондуктан бул объективдүү далилдөөлөрдүн алгылыктуу булактарына ынанбай койбойсуң. "Манас" эпосундагы көтөрүлүштөр, ар түрдүү окуялар, тарыхтагыдай ирээти менен берилбегендиги шексиз. Бирок, К.Рахматуллин бул мыйзам-ченемдүүлүктү эске алып, тарых менен эпостун ортосундагы айырмачылыкты да адабият теориясына таянып ишенимдүү аргументтер менен далилдеген.

Кыргыз эли адабиятын, тарыхын, философиясын, ырын, музыкасын фольклордук чыгармаларында чагылдырган. Мурун болгон окуя-"Чоң казат" эң кийин айтылып, эң соңку окуя Ходжи Жангердин көтөрүлүшү эң мурун айтылган. Башкалары да ошондой аралаштырылган. Мында эң соңку окуялардын таасири күчтүү экендиги дагы көрүнөт. Анан V,X кылым ичинде болгон иштер 40-50-жылда болгондой кылып

көрсөтүлөт (Көрсөтүлгөн адабият 26-б.). Бул пикирди толук кубаттоого болот. Анткени, манасчылар эпосту өзүлөрүнүн фантазиясына жараша өзгөртүп айтышкандыгы өзгөчө далилдөөлөргө муктаж эмес. Эпостогу Манас баатырдын казаттарынын себептерин көрсөтүү менен "Манас" эпосундагы башкы идея боштондук үчүн күрөшүү экендигине К.Рахматуллин омоктуу басым коёт. "Манас" эпосунун жекече бөлүп сүрөттөгөн баатырлары гана эмес, бүтүндөй эл Ата Мекенди сүйгөн жана боштондук үчүн күрөшкөн патриоттор. Демек, ал чыгарманын башкы баатыры Манас да кыргыз элинин улуу патриоту болот (Ошол китепте 34-б.).

"Патриотизм" деген түшүнүк Ата Мекенге болгон сүйүүнү түшүндүрөт. Ал эми Ата Мекенге болгон сүйүү дегенибиз журтчулукка ишкердүүлүк жана акыл-эстүүлүк менен кызмат кылуу дегендик. Философия илими патриотизмди социалдык-тарыхый көрүнүш катарында тааныйт. "Патриотизм", "мекенчил" деген түшүнүктүн өзү эле ар түрдүү доордун продукциясы болуу менен ар кандай социалдык мазмунга ээ болуп келген. Эпостун уютку, өзөк окуяларына караганда ал чагылдырган тарыхый шарт тапсыз уруу түзүлүшүнүн эң жогорку баскычы – согуштук демократия учуру. Элдин көпчүлүк өмүрү согушта өтөт, согуш-кесипчиликке, жоокерлик салтка айланат. Мына бул белгилерге караганда, "Манас" эпосунун негизги өзөк окуялары чагылдырылган тарыхый шарт уруу ак сөөктөрү жаңыдан чыга баштаган, тап али жок, бирок таптык белгилер көрүнүп калган мезгилдерге шайкеш келет.

Эпосто элге кызмат кылуунун, мекенди сүйүүнүн эң сонун үлгүлөрү берилет. Эл баатырларынын эрдиктери, адилеттик, адамкерчиликтүүлүк даңазаланат. Кыргыздарды "Моголистандын арстандары" (В.В.Бартольд) атагандыгы алардагы эр жүрөктүүлөк менен чыдамкайлык, мекен үчүн курман болууга даяр туруу өндүү адеп-ахлактык категориялар, абдан бийиктикте тилдик кайталанчу

каражаттар менен берилген. Демек, К.Рахматуллиндин "Улуу патриот укмуштуу Манас" аталган макаласында фундаменталдуу негиздер бар. Адабиятчы Манас өзү тарыхта болгон адамбы, же аны эл ойлоп чыгарганбы? деген суроону коюп, тарыхый принципте чечмеленген. Манас деген адам тарыхта айтылбагандыгы, бирок Манас деп аталбаса да "Маната" айтылган чабуулдарды баштап, кыргыз элине жетекчилик кылган баатыр болгондугу белгиленет. 808-821-жылдарда уйгурлар чабуул жасашкан, 20 жылга созулган урушта кыргыздар толук жеңип, IX кылымдын 40-жылдарында Орхон дарыясынын боюнда уйгур армиясы талкаланган. Бул кезде кыргыздар Енисейден тартып чыгыш Түкстанга чейинки жерлерди ээлеп турушат. Кыргыздардын ханы Яглакар өлгөндөн кийин уйгурлар кыргыздарды жеңгендиги тарыхтан белгилүү. Мына ушул кыргыздын ханы Яглакардын прототиби Манас болууга мүмкүн деген божомол пикир айтылган.

Бул тууралуу тарых илимдеринин доктору, профессор А.Н. Бернштам: "Яглакар хандын доору кыргыздардын өзүнчө мамлекет болгон мезгили катарында элдердин эсинен чыкпай сакталып келген. Эл болсо өздөрүнүн саясий жактан жогорулашка ээ болгон мезгили катарында, элдердин эсинен чыкпай сакталып келген. Эл болсо өздөрүнүн саясий жактан жогорулашка ээ болгон доорун мактап, кийинки тарыхый этаптардагы баатырларына жаңыдан мүнөздөмөлөр берип, алардын образдарын көрсөтүп, кийин иш жүзүнө ашырылган окуянын катышуучулары катарында эсептелген. Тарыхый инсан өзүнүн негизинде алгачкы чындык облигин бара-бара жоготуп, "Манас" деген атка ээ болгон баатырдын эпостук образына айланган" (А.Н.Бернштам Даңктуу дата / Кызыл Кыргызстан, 1945, 30-сентябрь.). Фольклорист К.Рахматуллиндин "Манас" эпосун изилдөөдөгү жетишкендиги тарыхтагы, турмуштагы чындыктын ортосундагы окшоштуктарды жана айырмачылыктарды терең талдап, аны ачып бергендигинде.

Кыргыз эли өзүнүн өткөн замандагы боштондук үчүн күрөшүн кандай урматтап, эсине сактап келсе, ал күрөштүн тирүү элеси болгон баатырларды да ошондой эле кооз кылып сүрөттөгөндүгү эпостогу баатырлардын образдарынын терең ишгелишинен көрүнүп турат.

Илимий эмгекте баатыр Манастын, анын чоролорунун жана Каныкейдин образы талапка жооп берерлик талданган. Кыргыздын эң жакшы сапаттары Манаска топтолгондугун, ал мамлекеттик акылман, жолбашчы, көрөгөч-стратег экендигин белгилеп: "Ал дүйнөдө теңдеши жок күчтүү, сүрдүү, сымбаттуу, эр жүрөк баатыр. Ал акылман, адилет, көрөгөч жолбашчы, бирок ошону менен катар ал жалпы максат үчүн, көпчүлүктүн пайдасы үчүн, эч кимди аябай турган каардуу адам" (К.Рахматуллин Улуу патриот, укмуштуу Манас. - Ф.,1942, 39-б.). Манастын сүрүнөн нечендеген баатырлар Манас кылчайып бир карап койгондо эле, анын сүрүнөн жүрөктөрү түшүп, ага даай албагандыгы жана Манастын сүрүнөн адамдар эмес жырткыч айбандар да коркқондугу айгинеленип турат. Манастын кайратын жана тобокелчил эрдигин, айрыкча, "Чоң казат" учурундагы бир эпизод аркылуу ачып берет. Алмамбет менен Сыргак жол тосуп калышат. Чубакты кароолго коюп, Манас уктайт. Чубак баатырлар тийип келе жаткан көп жылкыны жана анын артынан кууп келе жаткан жер жайнаган душмандардын колун көрүп, Манасты ойготмок болот, бирок, Манас ойгонбойт. Айласы кеткен Чубак атчан качырып келип, аны найза менен санга бир сайт. Ошондо гана алп Манас ойгонуп:

Урунбай жүргөн тоо барбы?
Урушпай жүргөн жоо барбы?
Азыркысын Чубагым,
Деги аманат жаның соо барбы?
Жоо келсе нетебиз
Жолуң болгур ыйлаба,
Уруша-уруша кетербиз, –деп кенебейт.
Аны көргөндө шашып калган Чубак:

Мунун аты да Манас турбайбы
Заты да Манас турбайбы.
Сөзү да Манас турбайбы,
Өзү да Манас турбайбы.
Алмамбет болсо жолдошум,
Кан Манас болсо жолборсум,
Касташкан жоодон жалтансам,

Мени кудай урбайбы, - деп зор дем менен жоого каршы кирет (Көрсөтүлгөн адабият 45-б.). Мына ушул эпизоддун өзүн С.Мусаев менен Ж.Таштемиров 8-класстар үчүн окуу китебинде Манастын образына токтолгондо образды окуучуларга жеткирүүдөгү чечүүчү эпизод катарында киргизишкендиги да жөндүү.

Алтын менен күмүштүн
Ширөөсүнөн бүткөндөй.
Айың менен күнүңдүн
Бир өзүнөн бүткөндөй.
Асман менен жериңдин
Тирөөсүнөн бүткөндөй.
Алды калың кара жер
Жерлигинен түткөндөй.
Ай алдыда дайранын,
Толкунунан бүткөндөй.
Ободогу булуттун
Салкынынан бүткөндөй
Асмандагы ай-күндүн
Жаркынынан бүткөндөй (Ошол китепте 46-б.).

Бул мисалды келтирүү менен элдин идеялы болгон баатырдын теңдешсиз образын ачууда айтуучулар тарабынан жогоркудай салыштыруулардын колдонулушунун мыйзам-ченемдүү көркөм ык экендигин тектеш элдердин баатырдык эпостору менен салыштыруу аркылуу далилдейт.

Манас өзү укмуштуу баатыр болгондон кийин, сөзсүз анын курал жабдыгы, минип жүргөн аты да укмуштуу болуп көрсөтүлгөндүгүнө жана Манастын мылтыгы "Аккелте"

ачууланса замбиректей болот, ал алыска, жуука айнымайт, атылган жагын ылгабайт. Анын ортосу болот, оозу албарс, кароолу тажаал, огу ажал экендигине басым коюлган. Манастын образы жалпылаштырылган, чогултулган образ экендиги ага элге белгилүү болгон уруу башчысына керек зарыл сапаттардын баары топтоштурулгандыгы, бирок образ реалдуулуктан четке чыгып кетпестигин, Манас кадимки карапайым экендиги толук ишенимдүү далилденген. Ошол мезгилде эле К.Рахматуллин тарабынан илимий негизде жиликтенген Манастын образы бүгүнкү күндө фольклордук чыгармалардагы образдардын мунарасы катары туюлса, экинчи реалисттик чыгармалардагы образдардын гүлазыгы катары кыргыз адабиятында түбөлүккө жашаган өмүрүн жашап келе жатат.

Манастын чоролорунун ичинен Кошой бөтөнчө орунга коюлган. Кошой баатырлык жагынан Манастан калыша бербестиги бир нече мисалдар менен көрсөтүлгөн. Биз алардын ичинен Кошой менен Манастын биринчи жолуккан жерин алдык. Кошой Кырмусшааны чабууга барган кезде, Манас да Кашкардагы II дуу-дууга каршы аттанган болот. Кырмусшаа ошо II дуу-дуунун ичинен эң күчтүү, башкы хан. Мына ушу жерде Кошой менен Манас жолугат. Бирок, Кошой дува менен түрүн өзгөртүп, кытайдын ханынын түрүнө кирип алгандыктан, Манас анын кыргыз экендигин билбейт. Кошой болсо, Манасты сыноо үчүн, аны менен беттешет. Сайышта экөө бири-бирин жеңе албайт. Күчтөрү бирдей болуп чыгат. Бирок, мындагы айырма Кошой ошо кезде эле, бир топ жашка барып калган карыя, ал эми Манас эми гана күчү толгон жигит болот (К.Рахматуллин Улуу патриот, укмуштуу Манас. -Ф.: Кыргызмамбас, 50-б.).

Ал эми Кошой жөнүндөгү тарыхый маалыматтардын али табыла элек деген К.Рахматуллиндин пикири бүгүнкү күндө да өз маанисин жогото элек.

Тарыхтагы кыргыздар тарабынан өткөн уйгурлардын князы Гюйлу Бабанын, эпостогу Алмамбет менен бир

каралып, окшоштурулган. Бул жөн гана ойдон чыгарылган пикир эмес, тарыхка таянып, илимий көз караштa чечмеленген. Пикирде чындыктын үлүшү болууга тийиш, анткени кийинки эпосту изилдөөчүлөрдүн эмгектеринде мындан өзгөчөлөнүп кеткен дүмөктүү айырма жок экен. Алмамбет башка чоролордон, кала берсе Манастын өзүнөн да артыкчылык кыла тургандыгы көрсөтүлгөн. Ал билимдүү, айрыкча согуш ишин билүү жагынан кыргыздын бардык баатырларынан алдыда турары белгиленген. Алмамбет "Чоң казатка", башкача айтканда, Манастын Бээжинди алуу үчүн аттанган казатына каршы болот, бул кытай хандарына жан тарткандык эмес эле. Ал кытай элинин күч-кубаттуу эл экендигин билет, ошондуктан Манастын колу жеңилип калат го деген ой менен "Чоң казатка" каршы болот (К.Рахматуллин Улуу патриот укмуштуу Манас. -Ф.: Кыргызмамбас, 56-б.)

Алмамбеттин төрөлүшү, кытай жерин таштап кыргыздарга Манаска кошулушу жана Каныкейдин синдиси Аруукеге үйлөнүшү сынчы тарабынан талдоого алынат.

Бакайдын көрөгөч, акылман, сөзгө чечен, Каныкейдин теңдешсиз сулуу, акылман, билимдүү баатырлардан калышпаган эр жүрөк аял экендигине кенен токтолгон. Чубак менен Сыргактын образдарын анализдеп, алардын мүнөздөрүн толук ачып берүү үчүн, эпостон үзүндүлөр келтирилген.

"Манас" эпосундагы баатырлар укмуштуу болуп сүрөттөлгөн сыяктуу, андагы окуялар да, адаттан тышкары кыргыз элинин чыгармачылык фантазиясынан эң кеңири түрдө жаралгандыгы айтылат. Манастын колу адамдар менен гана эмес, айбандар, жин-перилер менен салгылашкандыгы, алардын найзалары 70 кабат болотту тешкендиги белгиленген. Манас баатырдын өзүнө жараша, анын душмандары Коңурбай, Жолой дүйнөдө теңдеши жок балбан, укмуштуу алп экендиги далилденген. К Рахматуллиндин элдүүлүктү көрсөткөн концепциялары толук далилдүү. "Манас" эпосунда жалпы кытай элинин күч-кубаттуу,

маданияттуу эл экендиги дайым айтылып келет. Ал эми Алмамбеттин кандай билимдүү баатыр экендигин айтуу менен эпос муну дагы бир жолу кубаттайт. Мына бул жагынан алганда да "Манас" эпосунун чындыкты айкын көрсөткөн, анык элдик чыгарма экендигин көрөбүз (Көрсөтүлгөн адабият 55-б.).Эпос улутчулдук көз карашка катуу сокку берген улуу чыгарма экендиги көрсөтүлгөн.

"Манас" уруучулук мезгилдеги турмуш жөнүндө эң сонун материалдарды берерин, бул жагынан "Манаста" айтылган кээ бир фактылар, байыркы гректин эпостору "Иллиада" жана "Одиссеяда" жолугарын айткан. Мисалы: "Манаста" уруучулук тушундагы жоокерлик демократия айтылат. Чоң казатка аттанган кезде, Манасты кыргыз урууларынын ак сакалдары бүткүл аскерге башчы шайлашат. Анан казатка жөнөөр кезинде Манас: "Казатка өзү каалаган адамдар гана барсын. Каалабагандар жер-жерлеринде тарап кетишсин",-деп жарыялайт.

Байыркы гректердин "Иллиадасында" гректер троя падышасына каршы казатка аттанганда, бүткүл урууларынын аскерине колбашчы кылып спартанын ханын шайлашат. Троя шаарына кол салар кезинде, ал хан: "Каалаган адамдар чабуулга аттанышсын, каалабагандар өз жерине кайтып кетсин"- деп жарыялайт (К.Рахматуллин "Манас". -Кызыл Кыргызстан, 1945,30-сентябрь). Ушул эки фактынын окшош экендиги белгиленет.

Демек, биз "Манас" эпосунан окуган кээ бир фактыларды, байыркы гректин эпосторунан жолуктурарыбыз күмөн эмес. Мына ушинтип, "Манас" эпосун изилдөө менен бирге аны жайылтып, жеке эле кыргыз эли эмес, бүткүл совет элинин патриоттук сезимин ойготуп, өз Ата Мекени үчүн жан албай, канкор фашисттерге каршы күрөшкө чакырат.

Кыскасы, К.Рахматуллиндин "Улуу патриот, укмуштуу Манас" аттуу илимий эмгегинде не бир сонун проблемаларды көтөрүп, аны далилдеген, ошондуктан эмгек – кыргыз адабиятында баалуу жана пайдалуу мурас.

Элдик искусствону өнүктүрүү жөнүндө Коммунисттик партия тарабынан камкордук көрүлүп, 1920-жылдан тартып адабият мурастары пландуу түрдө жыйнала баштайт. Кыргыз илимдер академиясынын фондусунда белгилүү манасчылардан жазылып алынган "Манас" жомогунун он үч варианты, Ч. Валиханов менен В.Радлов жазып алган варианттарын кошкондо он беш вариант боюнча изилдөө иштери жүргүзүлүүдө. Улуу Ата Мекендик согушка чейин кыргыз эпосу жана аны айтуучулар менен кыскача тааныштырган макалалардан адабиятчы Е.Мозольковдун (1937), котормочу Л.Пеньковскийдин (1938), этнограф С.Абрамзондун (1940) ж.б. эмгектерин атоого болот.

К.Рахматуллин " Манас" эпосун изилдөө менен бирге, Манасты айтуучулардын чыгармачылык өзгөчөлүктөрүнө да кызыгып, атайы эмгектерин арнаган. Ошондой эмгектеринин бири "Манасчылар" деген илимий эмгеги. Эмгек 1942-жылы орус тилинле жарык көргөн. Илимий эмгекте манасчылардын чыгармачылыгы жана түш көрүүнүн мааниси жөнүндө, манасты жазып алуу тарыхы жана манасчылардын биографиялык материалдары өңдүү маселелер эмгекке топтоштурулган.

К.Рахматуллин манасчылардын чыгармачылык эмгегине токтолгондо, манасчы деген түшүнүккө аныктама берген. Манасчы деп, биз кыргыз элинин улуу эпосу "Манас" жана анын уландысы болгон "Семетей" менен "Сейтек" эпосторун айткан жомокчуларды айтабыз. Бирок, манасчылардын чыгармачылык эмгеги "Манасты" айтуу менен катар башка баатырдык эпосторун да, новеллалык эпосторду да, ал гана эмес, жалпы кыргыз элинин фольклоруна кирген жөө жомокторду да айтып, эл ырларын да айтышат (К.Рахматулин Манасчылар. – Ф.: Кыргызмамбас, 1942, 3-б.).

Манасчылардын акындык ролуна маани берилген жана кандай гана манасчы болбосун Балык, Акмат, Жаңыбай, Тыныбек, Сагынбай "Манасты" айта баштаганга чейин эле акын болушкандары изилденген. Сагымбай бала кезинде эле

эт бербей койгон байды шылдыңдап ырдап жүргөндүгү билдирилген.

Манасчылар "Манасты" жаратышканда өзүлөрүнүн ойлорунан жаратпастан айтылуу мурунку сюжетти пайдаланып, б.а., таасирленип жаратылат дейт. Бул туурасында профессор Болот Юнусалиев: "Ар бир манасчы өзүн "чыгармачы адаммын" деп сезип өзүнөн мурунку жомокчулардын, чыныгы устаты болсо да, алардан үйрөнүшүп таалим алгандыгын көп эскере бербейт. Кайта өзүнүн чыгармачылык шыгын, жомокчу болуп калышы түшүндө Манастын "арбагы дааруу" менен түшүндүрүү манасчылар үчүн эрежеге айланган"- дейт (Б.Юнусалиев "Манас", -Ф.: Кыргызмамбас, 1961, 15-б.).

Албетте, манасчылар бири-биринен таасирленишет, үйрөнүшөт, бирок, ошол эле учурда, айтуучулар эле болбостон, жаратуучулар болушат, башкача айтканда, укканын өркүндөтүп, өзүнүн фантазиясына жараша жаратышат. Белгилүү адабий сынчы К.Артыкбаев: "...таланттуу ырчылардын бир даары эпосторду, тарыхый поэмаларды жөнөкөй гана үйрөнүп айтуучулар болбостон, ошол эпосторду, тарыхый поэмаларды жаратуучулар да болушакан" деген (К.Артыкбаев Чыгармалар жана ойлор. – Ф.: Кыргызмамбас,1974, 235-б.). Манасчыларга "Манас" эпосу боюнча жазылып алынган варианттардын идея менен сюжет жагынан өзгөчө деле айырмачылыктын жок экендиги, бирок, кийинки 100 жылдын ичинде сюжет жагынан болгон анча-мынча өзгөрүүлөрдү сынчы байкабай койбойт. Көрсөтүлгөн фактыларга токтолуп көрөлү. Тыныбек манасчы болуп жетилген кезде Ысык-Көл өрөөнүндө Назар деген дагы бир атактуу манасчы болот. Элдин бир бөлүгү Назарды жактаса, экинчи бөлүгү Тыныбекти мактайт. Ошондо айтуучулар Манастын өлгөнүнөн тартып күмбөз салганына чейинки сюжетти айтып беришмекчи болушат. Адегенде Назар айтып бир жарым күндө бүтөт. Ал күмбөздү Надыр деген устага салдырат. Анан Тыныбек да бир жарым күн

айтат. Бирок, Тыныбек күмбөздү Анжиян-Наманган жактагы Арыстан деген бир эшенге салдырат. Буга баа берүүчүлөр, Манастын күмбөзүн Тыныбек айткандай, эшен салбаса, мынча кылымдар бою күмбөз турат беле? –деп Тыныбектин айтканын туура табышат.

Ислам дини да прогрессивдүү көрүнүш катары таасир берип акырындык менен идеялогиянын бекем чынжырына айланды. Ушундай шартта бул көрүнүш курч чеңгелге түрмуштун практикасы мол, тиши кагылып калган Назарга караганда алда канча жаш, кыймылдуу мезгилди башынан кечирип жаткан Тыныбектин туш болушу мыйзам-ченемдүү көрүнүш. Демек, анын аткарган варианты өзгөрүүлөргө туш болуп, уруучулар мезгилинде кубаттанганы да жөндүү.

Ал эми 1985-жылдарда "Манасты" жаздырып алган академик В.Радловдун макаласында "Эр Төштүк" "Манастын" бир бөлүгү катарында, анын ичине киргизилгендиги, Эр Төштүктүн балалык чагы, жер астындагы күрөшү өзүнчө бөлүнүп, Эр Төштүк жөн гана "Манас" эпосунда атактуу хандардын бири болуп көрсөтүлүп жүргөндүгү, бул сюжеттик эволюцияны коомдун надстройкасы менен базисинин өнүгүшүнөн көрөт.

"Манасты" айтуучулар бир стилдин негизинде айтпай турганы түшүнүктүү. Манасчылар гана эмес, ар бир өнөр адамынын өзүнө тиешелүү стилдери болору шексиз.

К.Рахматуллин манасчылардын стилдик түзүлүшүндөгү айырманы берүү үчүн манасчылар Саякбай менен Акматтын стилин салыштырат. Семетейдин үргөнч суусун кантип кечкендигин Саякбай мына мындай сүрөттөйт. Үргөнчтүн дал жээгине келип, Семетей Канчорону жемелеп турган жеринен баштап алынган.

Агын суудан коркосуң,
Адамдан түмөн жоо чыкса
Андан кантип коркпойсуң?!
Кирген суудан коркосуң,
Найзанын учу кылкылдап,

Адамдан алтынын миң жоо чыкса
Андан кантип коркпойсуң?!

Ал эми ушул эле окуяны Акмат манасчы төмөнкүдөй айтат.

Ошондо төрө муну айтат,
Ой Канчоро деп айтат,
Пайгамбар кирчү кең жолго
Чалпер кирген кең колго,
Салбай калган ким экен.
Өзгө төркүн өлүм ак,
Өлбөй калчу ким экен.

Жыйынтыктап айтканда, манасчылардын "Манасты" айтуу ыкмасында сюжет жана стиль жагынан айырмачылыктар кездешсе, ал эми идеясы баарында тең бөштондук үчүн күрөшүү экендигин эмгекте ташка тамга баскандай көрсөтөт.

Манасчылардын чыгармачылык ролу жагынан эки багытка: Биринчиси - "Манас" үчилтигин бүтүндөй айтуучулар: Келдибек, Балык, Тыныбек, Чоюке, Сагынбай, Саякбай. Экинчиси- "Манастын", "Чоң казат", "Көкөтөйдүн ашы" өндүү үзүндөлөрдү, "Семетейди" айтуучулар деп бөлүштүрүлгөн. Бул бөлүштүрүүнү бүгүнкү фольклористтер чоң жана кичине манасчы деген түшүнүктөр менен туюндуруп жүрүшөт.

Манасчылардын "Манас" айтууда эмне көмөкчү болгондугун, манасчылар өздөрү кандайча түшүнө тургандыгына токтолот. Манасчылардын берген кабары боюнча эпосту түш көрүү, сырткы күчтүн аян берүүсү аркылуу айтып келдик дешкен түшүнүктөрүн илимий жагынан жалган экендиги аныкталган. Ал түшүнүктөрдү жокко чыгарган өзүнүн илимий пикирин терең жана кенен далилдейт.

Эпосту айтуучулар эл арасында кадыр-баркка ээ болуш максатында өздөрүнүн талантын, жөндөмдүүлүгүн түш көрүү, сырткы күчтүн аян бериши менен ишендирүүгө

умтулгандыгы мурунтан бери өнөкөткө айлангандыгын да эмгегинде белгилеген. Бул көз карашты Е.Исмаилов кубаттап: "Түш көрүү деген болуусу мүмкүн. Мейли алтайлыктардын кайчылары, мейли кыргыздын мансчылары өздөрүнүн мурунку өзү өңдөнгөн жомокчу адамдар эл арасында сыйлуулугун, коомдон алган ордун бала күнүнөн угуша турган. Элдин аларга берген баасынан да кабардар болушкан. Алардын кантип акын, шайыр, жайчы, манасчы (түш көрүү, аян берип) болушкандыктарына да кулактары каныккан. Алардын аткарган чыгармаларга болгон сүйүүсү да арткан, эңсөөсү да күчөгөн. Мына ушундай шартта өздөрүнүн ишенүүсү аркасында түш көрүүсү ыктымал. Анын эсинен жатса да, турса да акын болуу кетпейт. Ушундай абалда жүргөндө түш көрүп калышы мүмкүн, андай түш эптеп демөө берип, буга чейинки жаттап жүргөн ырлары, өзү кыялданып жүргөндөгү чыгармалары да болуп, анан эл өзүн ишенимдүү түрдө акын санап, акырындап ырдап кетет (Е.Исмаилов Акындар. –Алматы: Жазушы, 1956,76-б.).

Демек, фольклорист К.Рахматуллин түш көрүү, чымырканган чыгармачылык эмгектенүүнү пайда кыларын сезгичтик менен байкаган.

Ошону менен бирге адабиятчы "Манасты" манасчылардан жазып алуу тарыхына да көңүл бурган. Октябрь революциясына чейин жыйналган "Манас" эпосуна кызыгып, аны жазып алышкан Ч.Валиханов менен академик В.В.Радловдун макалаларына, эмгектерине көңүлүн буруп, ага талдоо жүргүзгөн.

1850-жылдары атайы тапшырма менен Синьзянга өтүп баратып кыргыздарга токотолуп, "Манас" жомогу менен таанышкан. "Көкөтөй хандын ашын" жомокчунун оозунан жазып алган. Ч.Валиханов "Манасты" толук жазып алып, же толук угуп текшербегендигин жана "Манасты" өзүнчө эпос экендигин көрсөтпөстөн, кыргыз элиндеги түшүнүк, элес жана фантазиялардын жыйнагы деп эсептегендигин

белгилейт. Ошондой эле илим жүзүндө биринчилерден болуп киришкен Ч.Валиханов экендигин далилдүү айкындаган.

В.В. Радловдун жыйнаган тексттери Ч.Валихановдукуна караганда, "Манастын" мазмунун толук берерин көрүп, ошону менен эле катар В.Радлов анын эпос экендигин көрсөткөндүгүн жана манасчыларга чоң маани бергендигине адабиятчы белгилүү даражада токтолуп өткөн.

Чындыгында, казак окумуштуусу Ч.Валиханов менен академик В.В.Радлов Октябрь революциясына чейинки "Манас" эпосун алгачкы изилдөөчүлөр экендиги шексиз. Бирок, булар эпосту толук укпастан, айрым эпизоддорун жазып алышып, аларга талдоолорду жүргүзүшкөн. Андыктан мүчүлүштөрдүн кетүүсү мыйзам-ченемдүү ыктымалдык эле.

КР УИАнын фондусунда, албетте, толук эмес маалыматтар боюнча Кыргызстандын территориясында жашаган сексенден ашуун улгайган жана жаш манасчылардын тизмеси бар. Булардын бир катары эпосту толук айтса, бир катары анын айрым үзүндүлөрүн гана айта алышат.

Жазылып алынган, сакталган варианттардан булардыкы бар. С. Каралаевден-эпостун үч бөлүгү; С.Орозбаковдон- "Семетей", "Сейтек" жана "Манастан" айрым эпизоддору; Ж.Кожековдон- "Семетей"; М.Мусулманкуловдон - "Семетей", "Сейтек" жана "Манастан" айрым үзүндүлөрү; Жакшылык Сарыковдон - "Семетей", "Сейтек" бөлүмдөрүнөн үзүндүлөр; Акмат Рысмендеевден - "Манастан", "Семетейден" үзүндүлөр; Тыныбектен-"Манас", "Семетей", "Сейтек"; Ыбрай Абдрахмановдон-эпостун айрым эпизоддору жана үзүндүлөрү (Б.Юнусалиев "Манас"-Ф.: Кыргызмамбас, 1958, 1-бөлүк. Кириш бөлүм, 6-б.).

К.Рахматуллин манасчылардын өмүр баяндык материалдарын түзүп, айрым-айрым токтолуп, алардагы жалпылыктар менен жеке өзгөчөлүктөрдү бөлүп көрсөтүп, аналитикалык негизде терең талдоого алган. IX жана XX

кылымдарда жашаган манасчылардын биографиялык материалдары кеңири берилген.

Ал эми XVIII кылымда Нооруз деген манасчынын болгондугун (бул жөнүндө материал жок экендигин эскертет), XIX кылымда Келдибек, Балык, Чоңбаш, андан кийин Назар, Дыйканбай, Акылбек, Чоюке, булардан соң Тыныбек, Сагынбай, Саякбай жашагандыгын хронологиялык тартипте көрсөткөн. Эң биринчи манасчы тууралуу ачык факты жок экенин эскертип, бирок, жалгыз Сагымбай гана өзүнүн "Манасынын" (Көрсөтүлгөн адабият 51-б.) бир жеринде, Манас кезиндеги Жайсаң ырчы жөнүндө айтып кетет. Анын айтуусуна караганда ал манастын эл бийлегенин, жоо чапканын жана башкаларды ырдап жүргөн ырчы болуп чыгат. Ал манастын үйүнүн жасалгасын гана бир күн айткан экен деген илимий божомолдоосун айтат, ушул эле пикирди профессор Б.Юнусалиев да алгылыктуу пикир катарында көрүп, эпоско жазган баш сөзгө төмөнкүчө киргизген: "Жазылып калган тарых болбогондуктан, биринчи манасчы ким экендиги, албетте, белгисиз, бирок, Сагымбайдын вариантында эске алынган Жайсаң ырчы дегенди, Манастын кырк чоролорунан бирөөн "ырамандын ырчы уул" деп аталышынан эске албай коюуга болбойт",-деп баса белгилеген (Б.Юнусалиев Манас. –Ф.: Кыргызмамбас, 1958, Кириш бөлүм , 16-б.).

Манасчылар эреже катарында "Манасты" жаш кезинде, б.а., 15 менен 20 жаш курагында баштаса, ал эми Шапак менен Сагымбай 25-30жаштарында айта башташкан.

Келдибектин өмүрү жана чыгармачылыгы жөнүндөгү материалдар легендага жакын экендигине өзгөчө маани берген. Ошентсе да, өмүр баянынан кабар берип келип, Келдибек да башка манасчылар сыяктуу эле түш көрүп, ал түшүндө манасчыларга жолугуп, алар менен сүйлөшөт. Манасчылар: "Үч жылга чейин биздин арбагыбызга атап, жыл сайын мал союп жүр, эгер эсиңден чыгып калса, андан кийин канча аракет кылсаң да пайда бербес, ошентип,

тукумсуз өтөсүң",-дешет. Ал түгүл Манас менен өңүндө да жолугушуп, ошондон баштап Манасты айта баштайт жана атактуу манасчылардан болуп чыга келет. Оору-сыркоолорго да барып, "Манасты" айтканда саламаттанып кетчү экен (Көрсөтүлгөн адабият 54-б.). Ошентип Келдибектин фигурасы мифтик жана легендалык түргө кире баштагандыгы белгиленген.

Балык манасчы тууралуу жазганда, аны көрүп билген бир нече карыянын, айрыкча, манасчы Шапактын айтканына таянып, өмүр баянын жазат. Балыктын манасчылыгы эң күчтүү, ал Манасты уккан кишидей эмес, Манастын бир чоросундай болуп, окуяларга камыр-жумур аралашып төккөндүгү аныкталган. Түшүндө Манас анын чоролору менен жолугуп, алар менен таанышып, Манас Балыкка бир тору бышты берген экен. Балыктын түш көрүүсү мүмкүн, ал эми Манастын ат бериши таптакыр чындыкка жакындабагандыгы автор тарабынан ачык далилденген.

Манасчы Тыныбек туурасында, анын небереси Актан Тыныбековдон жазып алган. Ал өзүнөн мурунку манасчылар-таасирленген жана Сагынбай, Калыгул, Тоголок Молдо, Касымбайлардан "Манасты" үйрөнгөн. Манасчыда дин мотивдери кеңири орун алгандыгы байкалган. Тыныбектин айткан "Манасы" жазылбай калгандыгы, бирок, анын стили менен тааныштырууга жаралгандай материалдар бар экендиги жөнүндө айтылган.

Чоюке "Манас" үчилтигин бүт айткан. Ал "Манасты" кооз айткан чоң манасчылардан болуп, "Манасты", айрыкча, "Бакайдын аңгемесин" айтканда, уккан эл ыйлап жиберчү экен. Анын варианты толук болбосо да, жазылып алынган дешет. Бирок, аны жазган адам өлүп калгандыктан, ал материал табыла элек (К.Рахматуллин Манасчылар.-Ф.: Кыргызмамбас,1942,82-б.) Бүгүнкү күндө да Чоюке аттуу манасчы болуптур дегенден башка маалымат жок.

Улуу манасчы Орозбаков Сагымбайдын айткан "Манасын" автор төмөндөгүдөй хронологиялык тартипке бөлөт:

1Манастын туулушу.
2.Балалык чагы.
3.Манастын казаттары.
4.Кашкарды, Орто Азияны алганы.
5.Ооган хандары менен чабышы.
6.Алмамбеттин келиши.
7.Каныкейге үйлөнүү.
8.Түндүккө чабуул кылуу.
9.Көкөтөйдүн ашы.
10.Хандардын кастыгы.
11.Чоң казат.
12.Ата Мекенге баруу.
13.Манастын өлүмү, ага күмбөз коюу.
14.Каныкейдин качышы.

Манасчынын каза болгонуна байланыштуу, эпостун калган бөлүктөрү жазылбай калгандыгы эскертилген.

КР УИАнын фондусунда азыркы замандын Гомери, таланттуу манасчы С.Каралаевден жазылып алынган жарым миллион сапка жакын "Манас" эпосунун үч бөлүмү бар. Башка манасчылар сыяктуу эле, Саякбай Каралаевдин өмүрүнө, анын чыгармачылыгына токтолуп, ал түгүл Саякбай да түш көрүп, Манас айта баштагандыгы таржымалданган. Саякбай Каралаев менен Сагымбай Орозбаковдун варианттарындагы стиль жана сюжет жагынан айырмачылыктар таасын белгиленген. Стиль жагынан: а) Саякбайдын Манасында күжүрмөн жаратуулары күчтүү. б) Турмуштук окуялар, жаратылыш сүрөттөрү Сагымбайдыкындай анча кооз жана толук берилбейт. в) Саякбай Каралаевдин вариантында согуш эпизоддору орчундуу орунду ээлйт. Сюжет жагынан: Саякбай Манасты атасына таарынып кетип калган, анын Кызыр менен жолдош болуп буудай айдап, Аккуланы буудайга сатып алган деп

көрсөтөт. Сагымбайда Манас атасын таштап эч жакка кетпейт. Буудай да айдабайт. Аккуланы болсо энеси Манас туулган кезде кулундайт.

Тоголок Молдо "Манас", "Семетей" эпосторун айтып тим болбостон, өзү жазып жүргөндүгү менен башка манасчылардан айырмаланып турат. К.Рахматуллин Тоголок Молдо кара сөз менен бергендиги туурасында айтат. Чынында эле акын "Манасты" проза түрүндө жазып берген. К.Рахматуллин манасчылар Шапак Рысмендеев, Жаңыбай Кожеков, Акмат Рысмендеевдердин да өмүр баянына, чыгармачылыгына да токтологон.

Кийинки "Манас"эпосун изилдөөчүлөр К.Рахматуллиндин бул "Манасчылар" аттуу илимий эмгегинин негизинде изилденип, аны улантышып, андан ары тереңдетишти. Анткени, адабиятчынын эмгеги кыргыз адабиятындагы манасчылар тууралуу эң алгачкы биографиялык илимий эмгектин карлыгачы эле.

Жыйынтыктап айтканда, манасчылар жөнүндөгү маселелер бай факт-материалдарга негизделип, олуттуу жана салмактуу позицияда тереңдетилип чечилген.

"Манас" эпосунун чыгышы туурасында ар түрдүү пикирлер айтылып келе жатат. Эпостун чыгышын биринчи жолу байыркы мезгилге таандык экенин М.Ауэзов божомолдогон. Ал "Чоң казат" поэмасындагы салыштырууну VII-1X кылымдагы кыргыздар менен уйгурлардын ортосундагы согуштун жүрүшүнө салыштырып, жомок ошол мезгилде чыккан деген пикирди айткан. Андан кийин К.Рахматуллиндин "Кыргыз элинин баатырлык салты" деген эмгегинде (К.Рахматуллин Кыргыз элинин баатырдык салты. –Ф.: Кыргызмамбас, 1943. –70 б.) IX кылымда уйгурлардын күчтүү мамлекети түзүлүп, алар Енисейдеги кыргыз урууларын өздөрүнө багындырууга аракет кылган кезде Яглакар хан пайда болгондугу көрсөтүлгөн. Дүйнөдөгү эң укмуштуу эпос "Манас" дал ушул Яглакар хан убагында,

Енисейдеги кыргыз мамлекетинин саясий жана маданий жактан абдан көтөрүлгөн кезинде түзүлгөндүгү белгиленген.

А.Бернштам өзүнүн "Кыргыз элинин өткөндөгү тарыхый күндөрү", "Кыргыздын баатырлык улуу эпосу Манастын чыгыш мезгили" деген эмгектеринде М.Ауэзовдун пикирин улантып, эпостун чыгышын белгилөөдө бир кыйла жигиердүү жана объективдүү эмгектенген. Ал "Манас" эпосундагы башкы каармандарды байыркы кыргыз элине таандык делинип жүргөн эстеликтерди, тарыхый материалдарда учураган окуяларга, айрым болгон адамдарга салыштырып, аны эпостун чыгышына себепчи болгон көрүнүш катары эсептеген. Баатыр Манаска тарыхый болгон адамды прототип образ катары көрсөткөн.

"Манас" эпосунун чыгышын профессор В.М.Жирмунский кыргыздардын калмактарга каршы күрөшү мезгилинде (16-17-кылымдар) өзүнчө эпос катары калыптанган деген пикирди өз эмгегинде көрсөткөн. Ал эми профессор Б.Юнусалиевдин ою боюнча 9-11-кылымдарга таандык. Эпос бул аталган кылымдарда чыкты деген пикирин автор бир катар олуттуу фактылар менен бекемдейт. Жомоктун чыгышынын мезгили азырынча тактала элек. Бирок, К.Рахматуллиндин, Б.Юнусалиевдин эпостун чыгышын белгилөөдө жасалган умтулуулары, колдонгон ыктары көпчүлүк "Манасты" изилдөөчүлөр тарабынан алгылыктуу пикир катарында таанылып жүрөт. Кыскасы, "Манас" эпосу 8-9-кылымдарда Енисей-Орхон доорунда, 9-11-кылымдарда Алтай доорунда жана Жунгар доорунда (16-17-кылымдарда) чыкты деген үч түрдүү божомолдоо бүгүнкү күнгө чейин жашап келе жатат, бирок, бул пикирлер илимде эртедир кечтир ынанымдуу аргументтер менен бекемделип, белгилүү бир бүтүмгө келишери шексиз.

Кыргыз совет адабиятында К.Рахматуллин драматург катарында да белгилүү. "Манасты" изилдөө акыры жүрүп отуруп, Рахматуллинди ал жөнүндө көркөм чыгарма жазууга түрткү берди. 1944-жылы "Советтик Кыргызстан"

журналынын №9 санына Т.Сыдыкбеков менен бирдикте жазган "Манас менен Алмамбет" аттуу 4 көшөгөлүү, 6 сүрөттүү баатырлык- патриоттук драмасы жарык көрдү. Ошол эле мезгилде республикабыздын театрларына коюлган.

Драманын кыскача сюжети мындай: Алмамбеттин кытайдан качып келип, Манаска кошулушу. Кытайдын ханы Коңурбай менен Манастын чабышуусу. Манастын бир канаты болуп эсептелген Алмамбеттин дүйнөдөн кайтышы. Аягында Коңурбайдын элден чыгышы. Кандай гана эл болбосун өзүнүн өнүгүшүндө тарыхый окуялардын болушу шексиз. Улуу орус элинин тарыхый окуясы көрсөтүлгөн "Игордун кошуну жөнүндө сөз" поэмасы, байыркы гректердин "Иллиада", же "Одиссея" эпосу, кыргыздардын бүткүл үрп-адатын, тарыхын көрсөткөн баатырлык эпосу "Манас" болуп эсептелинет. Мына ошондуктан К.Рахматуллин жана Т.Сыдыкбеков тарабынан жаралган "Манас жана Алмамбет" драмасын "Манас" эпосунун инсценировкасы деп атоого болбойт. Анткени, бир нече сюжеттүү циклден турган көлөмдүү кыргыз элинин энциклопедиялык летописин инсценировкалоонун өзү кыйынчылыкты туудурат. Андагы поэтикалык жанрлардын, ар кандай мотивдердин, жомок жана романтиканын, миф жана чыныгы турмуштун, тарых жана легенданын табигый түрдө жуурулушуп турушу авторлор үчүн оордук келтирерине ачык күбө болуп олтурат. Бирок, орчундуу маселе, эпостун идеясын сценага алып чыгышында, "Манастын" идеясы аны дүйнөлүк көркөм чыгармачылыктын чокусу деп аталышына себеп болгон. Драманын авторлору кыргыз элинин жогорку адеп-ахлактык сапаттарын көрсөткөн. Өз элинин эркиндиги үчүн, өз алдынчалыгы үчүн, күрөшкөн кыргыз элине салыштырганда, ырайымсыз кытай аскерлери чыныгы жапайылар болуп көрсөтүлөт. Мына ошондуктан кытай менен болгон урушта Манастын иши, руханий күчү даңктала берет. Мындай көрүнүштөр бүткүл дүйнөнүн окурмандарын өзүнө тартаары шексиз. Пьесанын

авторлору элдик эпостогу бардык идеяны берүүнү максат кылбастан, эң башкы нерсе Манастагы баатырлык жана патриоттук идеяны, б.а., Манас менен Коңурбайдын күрөшүү көрсөтүлөт. Драма орус жана европа элдеринин драмаларынын жетишкендиктерине таасирленип жаралды десек жаңылыш болбос. Авторлор кыргыз элинин улуттук сыймыгы болгон баатырларынын патриоттук духун, согуштук турмушун сүрөттөөдө бир топ ийгиликтерге жетишкен. Ошол мезгилде кыргыз театрларга сыймыктуу жана кызыктуу чыгармага ээ болгон. Татаал чыгарманы сценага алып чыгуу менен театрдын келечеги кең экендиги ачык көрүнгөн. "Манас жана Алмамбет" драмасын кыргыз драматургиясындагы бийиктик деп эсептебесек дагы, кыргыз элинин баатырдык, патриоттуулук духун көрсөткөн драма деп айтсак жаңылышпайбыз. Совет элинин патриоттук сезими өсүп турган мезгилде жаралган бул баатырдык "Манас жана Алмамбет" драмасы көркөмдүк жетишпегендиктерине карабастан, көрүүчүлөрдү эли-жерин сүйүүгө, мекенчилдикке, атуулдукка үндөй алат.

II ГЛАВА
ОКУУ КИТЕБИНИН АВТОРУ-
К. РАХМАТУЛЛИН

Оозеки көркөм чыгармаларды классификациялоо фольклористикадагы орундуу маселелердин биринен, адатта, бир элге таандык фольклорду изилдөө иши ушу маселелерден башталат. Кыргыз фольклорун классификациялоого аракеттенүүнү 20-жылдын орто ченинде эле, эл арасынан чогулткан материалдарга таянып, К.Мифтаков биринчи баштаган. Бирок, колдо болгон материалдардын жетишсиздигинен, анын түзгөн классификациясы кыргыз фольклорунун бардык түр, түркүмүн ичине камтый алган эмес. Ошондуктан К.Мифтаковдун андан кийинки эки жолку аракети да канааттандырарлык натыйжа бере алган эмес. Кыргыз фольклорунун классификациясын тактоого К.Мифтаковдон кийин 30-жылдар ичинде белгилүү окумуштуулар К.Рахматуллин, М.Богданова ар бири өз бетинче аракеттенишкен. Булардын классификациясы илимий негизге таянып түзүлгөндүгү жана оозеки көркөм чыгармалардын бардык жанрларын ичине ала алгандыгы менен айырмаланат.

Адабиятты окутуунун методикасын талабына жооп бере турган окуу китептеринин бири - 7-класстарга арналган окуу китеби К.Рахматуллин жана Нанаев тарабынан түзүлгөн (Биздин адабият: 7-класс үчүн хрестоматия. -Ф.: Кыргызмамбас, 1943. -245 б.). Окуу китеби негизинен төрт бөлүктөн турат: Фольклор, орустун XIX кылымдагы адабияты, кыргыз адабияты жана адабият теориясы. Китептин фольклор бөлүмү К.Рахматуллин тарабынан иштелген. Сунуш кылынган материалдар VII класс үчүн оордук келтирсе да, кыргыз фольклору туурасында илимий негизде иштелген, биринчи эмгек болуп эсептелет. Бөлүмдү фольклордук тексттерден “Манас”, “Төштүк”, “Курманбек”

эпосторунан үзүндүлөр келтирилген. К.Рахматуллиндин классификациясы өзүнүн тактыгы, оозеки чыгармалардын бардык үлгүлөрүн туура бөлүштүрүп, туура мүнөздөмө бере алгандыгы, терең илимий негизине таянгандыгы менен өзгөчөлөнүп турат. Ошондуктан бүгүнкү күнгө чейин, биз пайдаланып жүргөн классификациянын негизи так ушул эмгекте бөлүштүрүлгөн. Лирикалык жана эпикалык жанрлар өз ара классификацияланып, алардын ар бирине аныктамалар, талдоолор берилген. Башка элдерде драма чыгармалары болгондугу, бирок, кыргыз фольклорунда драма жанры өсүп жетилбегендиги көрсөтүлгөн. Кылымдар бою өнүгүп келе жаткан элдик оозеки чыгарма, бир гана жанрда болгон эмес. Фольклор коом улам өнүккөн сайын анын мазмуну менен катар түрү, башкача айтканда, жанры да өнүккөн. Кыргыз фольклорунда лирика, эпос жанрларын жана дидактикалык чыгармаларды көрсөтүүгө болот.

Адабиятчы К.Рахматуллин да мына ушундай кылып бөлүштүргөн. Макал-ылакаптарга, табышмактарга дидактикалык чыгармалар деген ат бербестен жөн гана: "Башка элдердеги сыяктуу, кыргыз фольклорунда да, ырлар жана жомоктор чоң орун алат. Буларды башка ырымдар, макал-ылакаптар, табышмактар да бар" (К.Рахматуллин, К.Нанаев, Биздин адабият, 7-класс үчүн -Ф.: Кыргызмамбас, 1943, 50-б.), - деп көрсөткөн. Макал-ылакаптардын максаты аларды угуучуга үлгү болгудай, пайдалуу бир акыл-насыят берүү болот (Маселен: "Душмандын сыртында болгончо, ичинде бол" ж.б.). Форма жактан макал менен ылакап бири-бирине жакын. Көп учурда аларды ажыратуу да кыйын. Ошого карабастан, макалда айтылуучу ой толук аягына жеткирилип, айтылган ар бир ойго корутунду чыгарылат. Ал эми ылакапта болсо, адамдын ою гана айтылып, корутунду чыгарылбай, көмүскөдө калат. М: "Ашың калса калсын, ишиң калбасын" (макал). "Чубактын кунундай чубалган иш" (ылакап).

Мындан тышкары, дидактикалык чыгармага сатира жана куудул сөздөр, калыс ырлары кирет. Бул толуктоо кийин С. Мусаев менен Ж. Таштемиров тарабынан түзүлгөн 8-класстар үчүн Биздин адабият (С. Мусаев, Н. Таштемиров. Кыргыз адабият 8-класс үчүн. –Ф.: Кыргызмамбас, 1976. -280 б.) окуу китебинде байытылган. Ал эми З. Бектенов менен Т. Байжиевдин классификациясын карасак (Бектенов З., Байжиев Т. Биздин адабият 8-класс үчүн. -Ф.: Кыргызмамбас, 1949. – 270 б.) ылакаптар жөө жомоктордун бир түрү катары каралган. Мына ушундай бөлүштүрүүдөн кийин, күлкүлүү, же сатиралык жөө жомокторго кире турган "Алдар көсө", "Апенди" жөнүндөгү жөө жомоктор лакап катарында берилип, чаташтырууларга учураган. Авторлор лакапты эки топко бөлөт. Биринчи: "Алдар көсө", "Апендинин жоруктарын" чоң топтогу лакаптар деп, ал эми экинчиге кыргыздын, өз турмушунан алынган майда лакаптар" (Бектенов З, Байжиев Т. Кыргыз адабияты. -Ф.: Кыргызмамбас, 1949,70-б.), -деп бөлүштүрүшкөн. Ылакаптын өзүн экинчи тобу туурасында эч кандай аныктамалар, мисалдар берилген эмес. Мындай бөлүштүрүү, албетте, өркүндөтүүнү талап кылган. Анткени, кандайдыр бир окуянын, же адамдын өзүнө таандык болгон өзгөчө мүнөзүн жыйынтыктаган кыска сөз менен, ачык, так кылып, элестүү берилген кыска сүйлөмдөр ылакап болот эмеспи.

М.Богданова "Кыргыз адабиятынын очерки" аттуу эмгегинде (Богданова М. Кыргыз адабиятынын очерки, -Ф.: Кыргызмамбас, 1943. -293 б.) лирикалык ырлар эпикалык чыгармалар деп экиге бөлүп, дидактикалык чыгармаларды лирикалык ырлар менен аралаштырып койгон.

Ал эми К.Рахматуллиндин, С.Мусаевдин, Ж.Таштемировдун классификацияларында ылакаптар макалдар менен бирге дидактикаык чыгармалардын катарында киргизилип, ага карата туура аныктамалар берилген. "Алдар көсө", "Апендинин жоруктары" сатиралык жөө жомоктордун түрүнө киргизилген.

К.Рахматуллин дидактикалык чыгармалардын түрүнө кирүүчү табышмактарга да туура аныктама берген: Табышмактар адамды ой жүгүртүп, пикирин иштетүүгө үйрөтөт. Адам жандап айтылган сөздөр боюнча белгилүү бир буюмдун элесин түзүүгө тийиш болот (Көрсөтүлгөн адабият, 50-б.). Ырас, табышмактар бардык кубулушка ой жүгүртүп, ар бир көрүнүштүн өзгөчөлүктөрүн таба жана тез байкай билүүнү, эсинде сактоону, акылдын тездигин талап кылып, адамды терең ойлоого үйрөтөт.

К.Рахматуллин, эмнегедир, ырымдарды элдик адабияттын үлгүлөрүнүн катарына кошкон эмес. Анткени, ырым ырлары, эмгек ырлары, айтыштар, же армандар сыяктуу турмуштун агымынын өзүнөн келип чыкпастан, элди алдоо, жокко ишендирүү максында дин өкүлдөрү тарабынан гана ойлонулуп чыгарылган нерсе болуп саналат деп эсептелген. Ошондуктан алардын тексттеринин бардыгын эле карапайым адамдар түшүнө берген эмес. Экинчиден, ырымдар жалпы эл тарабынан гана аткарылган. Ошондой эле мактоо жана кордоо ырлары да өзүнүн таптык мүнөзү жагынан көпчүлүк учурда элдик идеяларга шайкеш келе бербегендигин да эскертип кеткен.

Эмгек жана каада ырлары табигатка таасир этип, адамдын турмушун жеңилдетүү максатын көздөй тургандыгын, ал эми үрп-адат ырлары турмуш туурасында билим берүү, өзүнүн сезимин жана пикирлерин айтуу максатын көздөй тургандыгына токтолуу менен катар кыргыз фольклору үрп-адат ырларына бай экендиги далилденген. Үрп-адат ырларына: сүйүү ырлары, арман ырлары, кордоо ырлары, мактоо, арноо, жоктоо, айтыш ырлары деп бөлүштүрүлүп, аларга мисалдар келтирилген.

Азыркы кездеги эл ырлары деген бөлүм автор тарабынан жеткилең иштелбей калган. Анткени, бул туурасында автордун: "Азыркы советтер доорундагы эл ырларынын мазмуну башка. Эми ал өзүнүн эзилгендиги жөнүндө ырдабайт, анткени ал эзилүүдөн кутулган. Ошондуктан

азыркы эл ырлары стахановчул кубанычтуу эмгек жөнүндө, оокаттуу жыргал турмушка жеткирген сүйүктүү Ата Мекен жөнүндө,коргоо жөнүндө жана эркин, ырыстуу сүйүү жөнүндө ырдайт" (Көрсөтүлгөн адабият, 56-б.) –деген аныктамасы гана берилгендиги болбосо, алар эч кандай аргументтер менен бекемделген эмес. Кыскасы, бул учурда автордун колунда жыйналып алынган фактыдагы материалдары болбогон болуу керек. Бул сыяктуу кемчиликтерге карабастан, К.Рахматуллин тарабынан иштелип чыккан фольклор бөлүмү өзүнүн алган багыты, көтөргөн маселелери жагынан окуу китебинин талабына толук жооп бере алгандыгына мезгил өзү күбө болуп отурат. Фольклор менен адабияттын жакындыгы жана айырмачылыктары элдик оозеки адабияттын мааниси, мүнөзү, поэтикалык бөтөнчөлүктөрү илимий негизде иштелген. Ушул мезгилге чейин колдонулуп жүргөн аталыштар жана аныктамалар (эпостор, жөө жомоктор) ошол мезгилде эле К.Раматуллин тарабынан туура бөлүтүштүрүлгөн, пайдаланылган.

Эпостор баатырдык жана турмуштук делинип экиге бөлүнөт. Баатырдык эпостордо баатырлардын каармандык иштери ырдалаарын белгилөө менен катар аларда негизинен кыргыз элинин өткөн заманда бөштондук үчүн жүргүзгөн күрөштөрүн, ошо кездерде элди баштаган баатырлардын образын жалпылаштыруу белгиленет. Буга: "Манас", "Эр Төштүк", "Курманбек", "Жаныш-Байыш", "Жаңыл Мырза" эпосторун, ал эми турмуштук эпосторго: "Саринжи Бөкөй", "Кожожаш", "Кедейкан" өндүү чыгармалар кирери жана кыргыз элинин өткөндөгү турмушу, үрп-адаты менен тааныштыра тургандыгы далилденген. Бул далилдөө азыркы мезгилдин талабына кандайча жооп берерин байкайлы.

Кыргыз эпосторунун катарына дүйнө жүзүндө көлөм жактан теңдеши жок "Манас", анын бөлүмдөрү болгон "Семетей", "Сейтек" жана "Курманбек", "Эр Төштүк", "Эр Табылды", "Жаныш Байыш" жана башка элибиздин

баатырдык салттары, душмандарына каршы жүргүзгөн күрөштөрү жөнүндө маалымат берген чыгармалар менен катар эле "Кожожаш", "Олжобай менен Кишимжан", "Саринжи Бөкөй", "Кедейкан" ж.б.сыяктуу элдин түрдүү учурдагы абалы үрп-адаты, турмушу жөнүндөгү баяндалган чыгармалар да кирет (Мусаев С., Таштемиров Ж. Кыргыз адабияты, -Ф.: Кыргызмамбас, 1976,100-б.). Демек, бул жагынан К.Рахматуллиндин түзгөн классификациясы чыпчыргасыз маанисин жоготпой, бүгүнкү күнгө жетип, ал кыргыз адабиятында толук колдонулуп жаткандыгын көрүп турабыз. Ал эми жөө жомоктор: айбандар, кереметтүү, турмуштук, күлкүлүү делинип төрт түргө ажыратылат.

Биз жогоруда айтып өттүк, К.Рахматуллинден кийин да кыргыз фольклорун классификациялоону тактоого, өркүндөтүүгө аракеттенүүлөр болду. Ошол эле жылдары М.Богданова, О.Жакишев, Т.Саманчин, К.Рахматуллин тарабынан "Кыргыз адабиятынын очерки" жарыкка чыккан. "Кыргыз фольклору" деген бөлүм М.Богданова тарабынан иштелген. Адабиятчы фольклорду жанрларга бөлүштүрүп, ар бирине өзүнчө токтолот. Макал-ылакаптар, табышмактар эмне үчүндүр автор тарабынан лирикалык жанрдын материалдары менен аралаш берилип калган. Эпикалык чыгармаларды бөлүштүрүүдө жөө жомоктор жана поэмалар деп классификацияланган. Азыркы кыргыз адабиятында жөө жомоктор жана жомоктор деп бөлүнүп, жөө жомокторго: айбандар, кереметтүү, турмуштук, күлкүлүү делинип, жомоктор: баатырдык жана турмуштук деп К.Рахматуллин бөлүштүргөндөй колдонулуп келе жатат.

Мына бул жерден да биз К.Рахматуллиндин түзгөн классификациянын негиздүү жана баалуу экендигине күбө болуп отурабыз.

Кыргыз адабияты боюнча жогорку класстар үчүн окуу китебин түзүүнүн тарыхында экинчи жолу 8-класстар үчүн З.Бектенов менен Т.Байжиевдин автордугу алдында 1949-жылы "Кыргыз адабияты" окуу китеби жарыкка чыккан. Бул

китептин жарыкка чыгышы мектептерде кыргыз адабиятынын тарыхын үйрөнүү курсунда маанилүү окуялардын бири болгон. Кыргыз фольклорун жанрларга бөлүштүрүүдө лирикалык, дидактикалык жана жомоктор деп үч түргө туура бөлүштүрүлүп, аларды өз ара бир канча түрлөргө бөлүп, тиешелүү аныктамаларын беришкен. Эпостук чыгармалардын көрүнүктүүлөрүнүн бардыгы талдоого алынган.

З.Бектенов, Т.Байжиев тарабынан К.Рахматуллин бөлүштүргөндөй баатырдык эпостор, турмуштук эпостор, деген сыяктуу так түрлөргө бөлүштүрүү болгон эмес. Ошондуктан окуу китебиндеги талдоого алынган "Төштүк", "Кожожаш" эпосторун кайсы эпостордун түрүнө кире тургандыгын ажыратылбаган жана айкын көрсөтүлбөгөн.

Бүгүнкү күндө колдонулуп жүргөн окуу китептеринде кыргыз фольклорунун классификациясы өркүндөтүлгөн жана эпостордун бөлүнүштөрү такталып, жаңыдан иштелип чыккан. Бирок, бул К.Рахматуллин, М.Богданова, З.Бектенов, Т.Байжиевдердин классификацияларын такыр эле жаңылап, өзгөртүп жиберди дегендикке жатпайт, албетте, сөз айрым оңоолор жана толуктоолор жөнүндө болуп жатат.

Бирок, ошол аракеттердин бардыгында К.Рахматулиндин классификациясы негиз кылынып алынгандыгын айта кетүү акыйкат.

К.Рахматуллиндин классификациясы

№	Лирикалык ырлар	№	Эпос жанры	№	Жөө жомоктор	Дидактикалык чыгармалар
1.	Эмгек ырлары	1.	Баатырдык эпостор	1.	Айбандар жөнүндөгү жөө жомоктор	ырымдар
2.	Каада ырлары	2.	Турмуштук эпостор	2.	Кереметтүү жөө жомоктор	Макал-ылакаптар
3.	Үрп-адат ырлары: а) сүйүү ырлары б) арман ырлары в) кордоо ырлары г)мактоо, арноо, жоктоо ырлары. д) айтышуу ырлары			3.	Турмуштук жөө жомоктор	табышмактар
				4.	Күлкүлүү жөө жомоктор	

М.И.Богдановanын классификациясы

	Лирикалык ырлар		Эпикалык чыгармалар		
№		№	Жөө жомоктор, жомоктор	№	Поэмалар
1.	Эмгек ырлары	1.	Айбанаттар жөнүндө жөө жомоктор	1.	Баатырдык поэмалар
2.	Ырым ырлары а) мал чарбачылыгына байланыштуу б)дыйканчылыкка байланыштуу	2.	Кереметтүү жөө жомоктор	2.	Новеллалык
3.	Дидактикалык чыгармалар а)макал-ылакаптар б) санат-насыяттар в) табышмактар, жаңылмачтар	3.	Турмуштук жөө жомоктор	3.	Романтикалык
4.	Үрп-адат ырлары 1.сүйүү ырлары 2. айтышуу ырлары 3.арман ырлары 4. кошоктор 5. жоктоо ырлары	4. 5. 6.	Анекдот Тамсилдер Легендалар	4.	Социалдык-саясий

	6. коштошуу ырлары 7. керээз ырлары 8.дин ырлары 9.мактоо ырлары 10. арноо ырлары 11.акый ырлары 12.оюн ырлары 13. бешик ырлары 14.шылдың ырлары 15. куудул 16.тамаша ырлары 17 калптар				
		5.	Тамсилдер	5.	Сатиралык поэмалар
		6.	Легендалар		

Бектенов З. жана Т.Байжиевдин классификациясы

	Лирикалык ырлар	Дидактикалык чыгармалар			
№		№	Жомоктор	№	Жөө жомоктор
1.	Эмгек ырлары	1.	Баатырдык жомоктор	1.	Укмуштуу (кереметүү)
2.	Ырым ырлары	2.	Новеллалык жомоктор	2.	Айбандар жөнүндөгү жөө жомоктор

3.	Эм-дом ырлары			3.	Турмуштук жөө жомоктор
4.	Үрп-адат ырлары: а) кошоктор, б) сүйүү ырлары, в) жарамазан, г) айтышуу, д) керээз, ж) арман , е) бешик, з) оюн ырлары.			4.	ылакаптар

1.	макалдар
2.	Санат-насыят ырлары
3.	тамсилдер
4.	табышмактар
5.	жаңылмачтар
6.	калптар

С.Мусаев жана Ж.Таштемировдун классификациясы

№	Эпикалык чыгармалар	№	Лирикалык чыгармлар	№	Дидактикалык чыгармалар
1.	Мифтер	1.	Эмгек ырлары: а) мал чарбачылыгына байланыштуу. б) дыйканчылыкка байланыштуу	1.	Макал-лакаптар
2.	Легендалар	2.	Салт ырлары: а) ырым жырым, эм-дом ырлары. б) жоктоо ырлары. в) керээз ырлары. г) угузуу, көңүл айтуу ырлары. д) көрүшү (кыз айтуу) ырлары. ж) оюн ырлары е) бешик ырлары	2.	Калыс ырлары
3.	Тамсилдер	3.	з) турмуш ырлары а) арман ырлары б) сүйүү ырлары в) айтыштар г) мактоо, кордоо ырлары	3.	Табышмактар
4.	Жөө жомоктор			4.	Элдик сатира жана куудул сөздөр
5.	Жомоктор				

III ГЛАВА
К. РАХМАТУЛЛИН – АЛГАЧКЫ АДАБИЙ СЫНЧЫ

Адабий сын коомдук аң-сезиминин өнүгүш мыйзамына айланган кадимки эле өзүн-өзү сыноодон бөтөнчө айырмалануучу, табигый шык. Анткени, чыгармачылык талант жөнөкөй адамдар байкай албаган нерсени байкап, ошончолук көркөм элестүү көрсөтүүгө жөндөмдүү. Көркөм чыгармачылыкка табигый ийкемдүүлүктө кийлигишүү менен, адабий сынчынын эмгеги да көркөм чыгармачылыктын тармагына кирери талашсыз. Демек, адабий сын көркөм адабияттын өзүнчө бир түрү болуу менен, коомдун көркөм маданиятынын маанилүү бөлүгү. Ошондуктан ал адамдарды адеп-ахлактыкка тарбиялоодо, көркөм адабияттай эле, кубаттуу идеологиялык куралдардын бири. Өз таасири аркылуу адабият массаны баалуулуктарга, улуу идеялардын салтанаттары үчүн күрөшкө шыктандырса, адабий сын көркөм адабияттын маңызын ачып, терең талдай билүүгө көмөк берет.

Ч.Айтматов адабий сын тууралуу: "Сын чыгармачылыктын закондорун калыптандырып, жаңычылыктын формаларын аныктайт. Сын-адабий процесстин ажырагыс бир бөлүгү, анын башка жанрлардан эч кандай төмөнчүлүгү жок. Чыныгы чоң сын, анын терең ой-жүгүртүүлөр жана талдоолору болбосо биздин көпчүлүгүбүз адепки деңгээлибизден көтөрүлбөй кала бермекпиз. Мен өзүм сынга чоң ыраазымын, бул мамилем сындын мен жөнүндө жакшы же жаман жазганына эмес, анын талдоолору, ой-жүгүртүүлөрү канчалык жаңы жана терең экендигине байланыштуу",-дейт. (Ч.Айтматов Жаңычылдын жөлөктөрү. / Кыргызстан маданияты, 1977, 28-апрель).

Кыргыз адабий сыны 20-жылдардын аягында көз жарды. Ал, негизинен, алганда акынга ачык түрдө кескин пикир

айткан катка окшоп башталган. Адабий сынды бардык талабына толук жооп берерлик даражада болбосо да, ал жаңыдан тамтуң баскан кыргыз адабиятынын идеялык туура багытта болушу үчүн күрөшүүчү болгон. Отузунчу жылдарда адабий сындын объектиси кеңейип, формасы өзгөрө баштаганын көрөбүз. К.Рахматуллин сыяктуу адабий сынчылар түрдүү сын макалаларын жарыялап, адабий турмуштун талабына ылайык айрым маселелерди көтөрүшөт. Алсак, формализм, натурализмге каршы күрөш ачкан макалаларын айтууга болот. Ошону менен катар, адабияттын өсүш процессин жалпылоочу макалалар, а түгүл китептер жазыла баштаганын белгилеп кеткенибиз оң.

1943-жылы М.Богданова, Ө.Жакишов, Т.Саманчин, К.Рахматуллин тарабынан алгачкы окуу китеби Кыргыз адабиятынын очерки (Кыргыз адабиятынын очерки. -Ф.: Кыргызмамбас, 1943. -270 б.) жарыкка чыккан. Окуу китеби 4 бөлүктөн турат: 1) Кыргыз фольклору (Богданова М), 2) Эпостук поэмалар (О.Жакишев), 3) Колония доорундагы адабият (Т.Саманчин), 4) Кыргыз совет адабияты - деген бөлүктөн турат. К.Рахматуллин кыргыз совет адабияты бөлүмүндө көркөм майданда жаңыдан ат салышып жаткан ар бир акын, жазуучулардын чыгармачылыгын илимий негизде иликтеп, ага объективдүү баа берүүгө көп аракеттенген.

Кыргыз эли эзилип жакырчылык турмушта жашагандыгына токтолуп, элдин арасынан чыккан ак таңдай ырчылардын айрымдары эзилгендердин позициясында туруп ырдаган. Булар прогрессивдүү реалист-демократ акындар катарында кыргыз адабиятынан орун аларын белгилеген. Бөлүмдө Т.Сатылгановдун багыты өзгөчө изилденип, ага жалпы кыргыз элинин эзилгендигин айтып тим болбостон, ошо кезде кыргыз эмгекчилеринин ичинен букараны башкы фигура кылып, аны чет өлкөлүк эзүүлөргө да, кыргыздын өзүнүн бай-манабына да каршы коюп ырдагандыгын омоктуу далилдер менен бекемдейт.

Токтогулдун позициясы- "төмөнкү катмардын" позициясы экендигин, ал эми, кыргыз адабиятынын тамыры фольклордон азыктанып, Т.Сатылганов тарабынан өркүндөтүлгөнү көрсөтүлөт. Андан ары сынчы маселени тереңдетип: "Токтогул, метод, тема, сюжет жагынан да эмгекчилердин акыны болчу. Борок, эскини талкалап, таптарды жоюп, жаңы коомду куруу үчүн күрөшкөндө метод жагынан да, тема жагынан да, форма жагынан да жаңы шарттарда, жаңы талаптарга жараша жаңыча куралдануу керек эле" - дейт (Кыргыз адабиятытын очерки. -Ф.: Кыргызмамбас, 1943,181-б.). Кыргыз адабияттын жаңы түрлөрү, формалары менен байыткан, дагы эле ошол жалпы союздук советтик адабияттын кыйыр таасири болгондугун, революциячыл позицияга кошулган жалгыз Токтогул гана эмес, боордош элдердин реалист акындарынын бардыгы совет өкмөтүн жактырып тосуп алышкандыгын фактылар менен аныктайт. Тоголок Молдо революциянын башкы жылдарында эле дүйнөгө жаңы көз караш менен баа берип, кыргыздын кедейин бай-манапка каршы коюп, "Кедейлерге насыят" айтып чыкканын бийик даңазалайт. Ошону менен катар сынчы революциянын таңы, жаңы таланттардын ачылышына жол ачты-деп белгилеп, совет акын жазуучуларынын ичинен А.Токомбаев менен М.Токобаевдин алгачкы ырлары түр жагынан эл акындарынын ырларынан эч айырмасыз экендигин байкап, маселенин төркүнүн ачып берген. Качан ган кыргыздын өз алфавити иштелип чыгып, кыргыз тилинде газета, журнал жана китептер чыга баштагандан кийин (1934-жылы) жаңы багыт башталып, ошого жараша акындарда мазмун жана форма жагынан өзгөрүүлөр байкалганын белгилейт.

Демек, "... кыргыз адабияты андан мурун да бар эле. Ал революция менен бирге келип чыкты жана өстү, өнүктү" (Ошол китепте.183-б.). Акын, жазуучулардын чыгармачылык маселесине токтолуп, сынчы өзгөчө кыргыз адабиятында, айрыкча, уруучулук социалдык турмуш калдыктарына каршы

күрөшүү күчтүү экендигин айтып келип, кыргыз адабиятынын методу социалисттик реализм методу экендигин көрсөтүп, бирок, "...социалисттик реализмден чектөөлө, кыйшаюулар болгон жок- деп айтып болбойт. Маселен, Аалынын "Кандуу жылдарда" натуралистерче тактык бар. Кубанычбектин театр ырлары" баш болуп, бир топ ырларыбызда формализм бир кыйла роль ойнойт. Баялинов "Жалпы сентиментализмге жакын" (Көрсөтүлгөн адабият, 188-б.) –деп, учурунда кыргыз адабиятында кезиккен кемчиликтерди көрсөтүүгө аракеттенген.

Кыргыз адабияты пайда болгон күндөн тартып эле, анын көтөргөн масалелери, башкача айтканда, тематикасы жаңы замандын артыкчылыгын, советтер өкмөтүн даңктоо башкы темалардан болуп келгендигин айтат. Адабиятыбыздагы тематика жагынан кеткен кемчиликтерге токтолот: "Тематика жагынан азыркы кыргыз адабияты негизинен туура позицияда турганы менен, анын тематикасы, негизинен социалисттик курулушка арналганы менен да, бул маселеде биз Кыргызстан чегинен, кыргыз эли чегинен болгондо да, кыргыз айыл кыштагынын гана чегинен болгондо да, кыргыз айыл кыштагынын гана чегинен ары өтө элекпиз" (Көрсөтүлгөн адабият, 189-б.). Маселен, азыркы күндө Кыргызстандын башка республикалардын, кыргыздан башка элдердин турмушуна, жумушчуларга арналган чыгармалар да дээрлик жок экендигине токтолот.

1927-28-жылдарга чейин кыргыз адабиятында проза жанрынын болбогондугуна токтолуп, азыр эң татаал жанрлардын роман, ыр менен жазылган роман, музыкалык драма, либреттолор өсүп чыккандыгын баамдайт да, бирок юмор, сатира жанры өсүп жетилбегендигин белгилеп кетет. Чыгармалардын сапаты аксап жаткандыгы, образдар жансыз, тилдери оор экендигин далилдүү көрсөткөн (бул туурасында акын, жазуучуларды өзүнчө караганда айтабыз).

Эл акыны А.Үсөнбаевдин өмүр баянынан кабар берип, анын чыгармачылыгына токтолот. Тема жагынан алганда,

акындын ырларынын көбү тарыхый адамдарга, тарыхый окуяларга жана тарыхый күндөргө арналгандыгын, “Улуу көсөм”, “Баатырдын анты” деген ырлары аркылуу далилдеген.

Лениндин атын укканда,
Кубанган менин жүрөгүм.
Эл үчүн жанын аябай,
Эркиндик жолун күрөдүм.
Ажыдаар менен арбашып,
Падыша менен кармашып,
Сыйрыды кайрып билегин.
Ленин.
Бул жүрөгүм октой болуп атылат
Бул окторум жоого каршы чагылат.
Калкым үчүн каным акса кайгырбайм,
Майдандарга бизди кимдер чакырат?
“Баатырдын анты”.

А.Үсөнбаев табигаттын кооз көрүнүштөрүн, колхоз курулушун ырларында сонун чагылдырганына токтолот.

Айланасы кара тоо
Башында аппак кары бар,
Алтай кызыл түлкүсү,
Адырында жойлогон.
Аркар менен кулжасы,
Аскасында ойногон.
Таң атканча шакылдап,
Талында булбул сайраган.

А.Үсөнбаевдин ырларындагы арноо, мактоо басымдуу экендигине токтолгон.

Кара жерди как жарып,
Кайнап чыккан аккан суу.
Калкылдап жердин үстүнө,
Жайнап чыккан аккан суу.
“Аккан суу”. дегендей кайталоолор жана:
Кол жетпес аска тоолору,

Кол менен урган коргондой.
Кар кетпес аска таштары,
Катарлап жайы койгондой.
Кар эрип аккан суусуна,
Кара жер балкып ташкандай.

"Таластын көрүнүшү" дегендей аллитерациянын көп жолугаары эскертилген.

К.Рахматуллин андан ары А.Токомбаевдин чыгармачылыгына токтолуп, жазма адабиятыбыздын баштоочусу экендигин көрсөтөт. Адегенде А.Токомбаев акын катарында фольклордук традицияларга чыгармачылык менен мамиле кылуу аркылуу чыккандыгын белгилеп: "Аалынын тематикасы күндөлүк турмуш менен тыкыс байланыштуу, саясий жагынан эң актуалдуу. Эгер анын ырларын алып карасак, ал ырлар партия менен өкмөттүн чаралары менен кошо чыгып отургандыгын көрөбүз. Маселен, уруучулук-жаатчылык күрөшүнө каршы чыгуу эң актуалдуу болуп турган кезде, Аалы "Мен чалкар", -деп жаатчыларга каршы ырдайт" (Көрсөтүлгөн адабият,203-б.) Акындын ырларында саясий лирикадан тартып, сүйүүгө, табиятка, өмүргө арналган ырлары орун алганын айкындайт. "Кыргызстан", "Капарга кат" деген ырлары социалисттик курулушка жана эмгекке "Күн бүгүн", "Жаш большевиктерге" революцияга жана социалисттик курулуштун жетишкендигине арналган ырлары негизинен күндөлүк саясатка байланыштуу публицистикалык мүнөздө жазылган. Мисалга: "Кыргызстан" деген ырында:

Кыргызстан
Турагы кең Тянь-Шань.
Алтын пахта
Түлүккө мол, жери дан.
Эң чоң жумуш,
Саясий иш, партиянын билими
Мүчөлөргө өтсүн
Маркс илими
Пролетардан

Колхозчудан төрөлүп,
Партияга
Жүздөп болсун кирими.
Так ошондо
Тап күрөштүн
Билими
Айкындалат
Ук баатырлар
Тигини.

деп элди үгүттөгөн агитациялык тон басымдуулук кылат.

Адабиятчы жазуучунун көлөмдүү чыгармаларынын биринен болгон "Кандуу жылдар" романына токтолот. Романдын сюжетин кыскача баяндап, автор кыргынга учураган элди сүрөттөгөн эпизоддордо натуралисттик сүрөттөөлөрдүн орун алгандыгына токтолот. Романдын тулкусуна сиңирилген ошол кездеги таптардын күрөшү жана эмгекчилердин интернационалдык байланышы алгылыктуу чагылдырылганына жогору баа берет.

Андан тышкары, романда улуттук-боштондук күрөштүн мүнөзүн, чыгышынын жана жеңишинин себептерин, көтөрүлүштү кыймылдаткан күчтөрдү жана бул күрөштө байманаптардын чыккынчылык кылгандыгы, чыгармада эң сонун чагылдырылгандыгын, сынчы өзгөчө бир сезим менен көрсөтөт. Чыгарманын образдар системасына токтолуп келип, романда башкы орунду ээлеген баатыр- көпчүлүк көтөрүшчүлөр массасынын өзү экендигин баамдайт. Алымкул – көтөрүшчүлөрдүн чыныгы жетекчиси. Аалы бул образды эл адабиятынын түрүнө салган. Алымкул да эл адабиятынын баатырлары өндөнүп, баарынан мурда сулуу баатыр, кайраттуу "эрдин эриндей, шердин шериндей жигит" (Көрсөтүлгөн адабият, 211-б.). Мына ушинтип, Алыкулдун образын чечүүдө акын фольклордун традициясынан бай каражаттарын колдонгондугун айтуу менен катар төмөнкүчө жыйынтыктайт.

"Образдар түзүүдө, согуштун жүрүшүн сүрөттөөдө, кала берсе турмушту көрсөтүү жагынан да романда эл жомокторунун, эпосторунун түрү колдонулат. Маселен, Аалы чыгармасынын башкы баатыр Алымкулду жана анын минген атын эл жомокторундагыдай кылып сүрөттөп ырдайт" (Көрсөтүлгөн адабият 213-б.). Демек, А.Токомбаевдин элдик оозеки чыгармасынын түрүн алып, адабияттын эң жаңы жанры менен байланыштырып, өркүнткөнүн далилдеген. А.Токомбаевдин "Туткун Мурат", "Днестр терең деңизге куят", "Жаралган жүрөк", "Токойдун кожоюндары" деген чыгармаларынын мазмунунан кыскача кабар берет да, "Туткун Мурат" поэмасындагы образдар жана окуялардын турмуштагыдай объективдүү кылып сүрөттөлбөгөндүгүн таамай белгилейт. А.Токомбаевдин ошол кездеги кетирген кемчиликтерин бүгүнкү күндүн бийиктигинде туруп, адабиятчы К.Артыкбаев да көрсөтөт: "Акындын ал кездеги мүчүлүштүктөрүнө көп сөздүүлүк, үстүрттүк баяндоо, натурализм, ишенимсиз сүрөттөө, түшүнүксүз сапаттарды киргизүү, сөздү өз ордуна койбоо, начар уйкаштыкка жол берүү сыяктуу такшалуу процессине мүнөздүү бир катар кемчиликтерди көрүүгө болот" (К.Артыкбаев Изденүүлөр жана табылгалар. -Ф.: Кыргызстан, 1976, 77-б.).

Демек, К.Рахматуллин мезгилинде эле, А.Токомбаевдин чыгармачылык жолуна жогору баа берүү менен бирге, айрым калпыстыктарына объективдүү ой айткандыгы, бүгүнкү күндө да өз дөөлөтүн жогото элек.

К.Рахматуллин М.Токобаевдин эмгекке, аялдар теңдигине, кыргыздын өткөн турмушуна, эл аралык окуяларга арналган чыгармаларына талдоо жүргүзгөн. М.Токобаев тарабынан жаралган "Кайгылуу Какей" пьесасынын сюжетине, идеялык мазмунуна баа берүү менен бирге, образдар системасына талдоо жүргүзгөн. "...революциядан мурунку кыргыз байларын көрсөткөндө, Молдогазы жасалма образ киргизген жери бар. Мында ал тактай заводу бар бир кыргыз байын көрсөтөт. Бирок,

революциядан мурун да, кийин да тактай заводго ээ болуп, бул түрдөгү өнөр жай менен байланыштуу болгон кыргыз байын билбейбиз (Көрсөтүлгөн адабият, 220-б.).

Ал эми пьесанын стили жөнүндө: "Пьесада тил айрыкча чоң роль ойнойт. "Кайгылуу Какей" пьесасы дал мына ушул маселеде аксайт. Мындагы эң башкы кемчилик революциядан мурунку элди революциядан кийинки лексикалык каражаттарды кошуп сүйлөтүү. Мисалы: "өлкө" деген сөз каармандар тарабынын айтылат (Көрсөтүлгөн адабият, 220-б.). Адабиятчы учурунда эле алгылыктуу далилдер менен учурдун озуйпасын чечүүгө көп аракеттерди жумшагандыгы көрүнүп турат.

Адабий сынчы М.Элебаевдин "Узак жол" аттуу чыгармасын талдоодон мурун анын жанрдык өзгөчөлүгү жөнүндө: "Узак жол" баарынан мурда очерк. Тагыраак айтсак, очерк түрүндөгү повесть. Анткени, анда автордун кошумчасы да бар" ,-дейт (Көрсөтүлгөн адабият, 222-б.).

Чындыгында, "Узак жолдун" жанрдык өзгөчөлүгү туурасында талаш-тартышуулар болуп келди. Б.Маленов: "Бизге белгилүү, романдар өзүлөрүнүн негизги темаларына карата: тарыхый, социалдык, укмуштуу окуялуу романдар болуп бөлүнөт. Өзүнүн тематикалык негизине караганда "Узак жол" үй-бүлөлүк, турмуштук, автобиографиялык роман" (Б.Маленов М.Элебаевдин чыгармачылык жолу - Ф.: Кыргызстан басмасы, 1959,83-б.).

"Узак жол" романга да, повестке да окшош жактары бар. 1916-жылкы көтөрүлүштү романдыкындай кеңири сүрөттөө жагынан романга жакындаса, кээ бир жерде окуя роман сыяктуу сүңгүп кирбей, аны кеңири сүрөттөбөйт. Бул жерден повестке жакындаганын көрүүгө болот. Негизинен, "Узак жолго" берилген эки башка аныктамада тең чындык бардай сезилет.

К.Рахматуллин чыгарманын мазмунунан кабар берип, андагы башкы каарманага токтолуп, ошол каарман автордун өзү экендигин аныктайт. "Узак жол" 1916-жылдагы

көтөрүлүштүн көрүнүштөрүнөн жеткилең бере албагандыгы, сөз тизмегинин оор болушу, майда-чүйдө учурларды өтө тактап, жазышы аркасында, кооздук жагы бир топ аксагандыгын белгилейт.

Ж.Турусбековдун "Энеке", "Өткөн күндө", "Толкун сырлары", "Эсиндедир", "Ак алтын өлкөсү", "Ашууда" деген ырлары өткөндөгү муң-зарды элестетүүгө арналгандыгы жана тарыхый окуяларга байланыштырып жазылгандыгы 1916-жылкы көтөрүлүш жөнүндөгү "Ашууда" деген ырын талдоого алат.

Жардамга жанды чакырып,
Кокуй! Деп бир бакырып,
Кулап барып өлгөндү
Олпок кар жатты жапырып,-

деп жеңилген элдин көргөн кордугун ырдайт. Эскини элестеткен башка ырлары белгилүү бир тарыхый окуяларды сүрөттөбөсө, негизинен, кыргыз элинин өткөн күндөрүн, өткөндөгү зордук-зомбулукту, эмгекчи элдин муң- зарын тарыхый жагынан туура көрсөтөт (Көрсөтүлгөн адабият, 224-б.).

Октябрь Революциясынын жеңиштерин кооздоп көрсөтүүчү ырлардын ичинде "Ук жер жүзү", "Биздин Кыргызстан", "Мекен", "Москавдан", "Жол ыры" деген ырларын биринчи орунга коюп, айрыкча, "Ук жер жүзү" аттуу ырынын күжүрмөн чакырыгы, стилинин тактыгы, жалпы кооздугу жагынан үлгүлүү ырлардын катарына кошот. Ж.Турусбековдун чыгармачылыгынын дагы бир өзгөчөлүгү дыйканчылыкты чагылдырган полотнолорду өтө чебер тартуу, табиятты да туура баамдаган.

Бул талаага
Таза чигит төгүлгөн,
Таза чигит өнсүн деп,
Далай чара көрүлгөн.
Бул пахта үчүн,
Эмнелерди кылбадык.

Жайды жайлай,
Кетмен алып тынбадык.

Акындын боштондукка, теңдикке жеткен, мурунку кулдук абалдан, караңгычылыктын торунан кутулган кыргыз аялдарына арналган "Кара кыз", "Комсомолка", "Эмгек кызы", "Карындашыма" деген ырларына жыргал турмушта жаңыча иштөөгө чакырган саясий жана турмуштук лирикалардын тобуна кошот.

Ж.Турусбековдун ири чыгармасы болгон "Ажал ордуна" аттуу драмасы 1916-жылы кыргыз элинин падышага каршы күрөшкө арналган чыгарма экендиги, учурунда эле туура баамдалган. К.Рахматуллин: "Чыгарманын сюжети авторлоштурулган тарыхый окуялар. Чыгарма 16-жылдаргы көтөрүлүштүн көрүнүшүн тарыхый жагынан туура берет", - дейт (Кыргыз адабитятынын очерки. -Ф.: Кыргызмамбас,1943,223-б.). Адабиятчынын пикири ушул мезгилге чейин өз маанисин жогото элек. Драма жөнүндө бүгүнкү күндө: "Жусуптун "Ажал ордуна" драмасынын тарыхый адабияттык мааниси түбөлүккө жашай турган классикалык чыгармага айлангандыгында. Кыргыз адабияты менен улуттук театрларыбыздын тарыхында драманын маданий ири окуя катары бааланып жүрүшүнүн да мааниси мына ушунда" (М.Мамыров. Ж.Турусбеков. –Ф.: Кыргызстан, 1972, 117-б.).

Адабиятчы "Ажал ордуна" драмасын "Кандуу жылдар" романы, "Азаматтар" повести менен салыштырат. "Ажал ордуна" маселени кененирээк коюп, 1916-жылдагы көтөрүлүштүн көрүнүшүн тарыхый жагынан туура бергендигин белгилейт. "Кандуу жылдар" жана "Азаматтар" өндөнүп айрым тарыхый адамдарды, тарыхый окуяларды көрсөтпөйт. Көтөрүлүшкө мүнөздүү жалпы көрүнүштү берет" (Кыргыз адабиятынын очерки. –Ф.: Кыргызмамбас, 1943, 223-б.). Чыгармадагы омоктуу орунду патриотизм ээлегендигин жана Ата Мекенди атайы образ кылып алгандыгын көрсөтөт. "Душманга баш ийүү, жүгүнүү дегенди ал эл билбейт.

Ошентип, бул чыгарма эл-журтту, боштондукту сүйүү жана ошол үчүн күрөшүүдөн тартып, эң алдыңкы сапаттарын берген элди сүрөттөйт жана ошондой болууга үгүттөйт" (Көрсөтүлгөн адабият, 223-б.).

К.Рахматуллин чыгармадагы эмгекчилердин тилектештигин белгилейт. Боштондук үчүн күрөшкө бүткүл элдин эмгекчилери чыккандыгы жана ага орус элинин көрсөткөн жардамын чыгармада эң сонун чагылгандыгын сыймыктануу менен эскертет. "Ажал ордуна" драмасындагы образдарга талдоо жүргүзүп, башкы каармандар Искендерди Манаска, Бектурду Бакайга салыштырат. Искендердин дайыма Бектур менен кеңешип иш кылгандыгын, Манастын Бакай менен кеңештеш болгондугуна окшоштуруп карайт. Бирок, бул өтө сүйгөндүктү көрсөткөн гана салыштырма, чынында Искендер Манастай баатыр киши эмес, азыркы доордун адамдарынан. Кандуу согуш башталганда, жоо бетинде жүргөн баатырдын бири. Бир чейрек унга сатылган Зулайканын образына токтолуп: "Ал баарынан мурда боштондук үчүн күрөшкө өзүнүн шыбагасынын башында эле, Зулайка жигиттерди кайратка чакырып чыкты" -деп көрсөтөт. (Көрсөтүлгөн адабият, 224-б,).

Искендер менен Зулайканын сүйүүсүнө терең баа берет. Чындыгында эле, алардын сүйүүсү элди, журтту, боштондукту жана эл үчүн күрөштү сүйүү менен бирге жүргөн, туруктуу, терең, таза сүйүү болуп эсептелет.

Кыргыз адабиятындагы көрүнүктүү акын, драматург К.Маликовдун чыгармачылык жетишкендиктерине жогору баа берип, анын чыгармачылыгын талдап, иликтөө жүргүзөт. Акындын ырлары жанрга бай, бирок, формага берилгендиги "Жаңы ырлар" деген жыйнактагы рифма жана ритм жагынан аксаган, ошону менен бирге образдары начар ырлары учурай турганын эскерткен. К.Маликовдун "Азаматтар" повести туурасында азыноолак сөз козгойт. Повестин сюжетине токтолуу менен андагы социалдык маселелер жөнүндө да окуучуга кабар берет. К.Рахматуллин чыгармадагы тарыхый

чындык менен турмуш көрүнүшүн берилгендигине көз жүгүртөт. Повестте көтөрүлүштүн көрүнүшү негизинен туура сүрөттөлгөндүгүн белгилеп, бул жагынан "Азаматтар", "Кандуу жылдар", "Ажал ордуна" драмасынын ортосунда көп окшоштуктарды байкаган. Чынында эле, бул чыгармалардын тематикасы бирдей. Окуялар чыгармада туура чагылгандыгы көрсөтүлөт.

Мисалы, элдин Кытайга качышы, кайра кайтып, элдин көргөн кордуктары жана башкалар повестте туура чагылдырылган. Повестте көтөрүлүштүн көрүнүшүн сүрөттөөгө караганда, айрым таптар арасындагы алака жана алардын ыңкылапка мамилесин көбүрөөк сүрөттөгөндүгүн айкындайт.

К.Рахматуллиндин "Советтик Кыргызстан" (1944.№8) журналына чыккан Ж.Бөкөнбаевди чыгармачылыгы жөнүндө жазган макаласында төмөндөгүдөй белгиленген: "Жоомарт көркөм сөздүн чебери эле. Албетте, анын чыгармаларын бир макалада толук көрсөтүп берүү мүмкүн эмес. Кала берсе анын айрым бир ыры жөнүндө да бир макала жазуу мүмкүн" (К.Рахматуллин. Ж.Бөкөнбаев / Советтик Кыргызстан,1944, №8, 8-б.) Жоомарттын чыгармачылык жолун үч мезгилге бөлүп көрсөткөн: 1. НЭП мезгилиндеги турмушту чагылдыруу. 2. Биринчи, экинчи беш жылдыктар кезиндеги күрөштү жана эпкиндүү эмгекти сүрөттөө. 3. Ошол жылдардагы эл чарбасындагы жетишкендиктерди бүткүл дүйнөлүк тарыхый мааниси бар окуя катарында даңазалоо.

Ж.Бөкөнбаевдин алгачкы ыры "Жер алган кедейлерге" деп аталат. Жер төңкөрүшүнө арналгандыгы белгиленет. Байманаптардын чеңгелинде эзилген, бирок, совет өкмөтүнүн жардамы менен эркин турмушка, илим маданиятка жетилип жаткан адамдарды ырдагандыгына токтолгон. Акындын бул ыры жөнүндө адабий сынчы К.Артыкбаев мындай дейт: "Жер алган кедейлерге" Жоомарттын басма бетине жарыяланган биринчи ыры болгону менен, байкаган адам андан акындык элпектикти, так жана музыкалуу уйкаштыкты сезбей койбойт.

Мына ушул башталыш кийин акындын поэзиясында аябай өнүгүп, анын төгүлүп куюлушуп турган поэтикалык стилинин башкы өзгөчөлүгү болуп калды (К.Артыкбаев. Сын сапары. –Ф.: Кыргызстан, 1970, 42-б.).

30-жылдарда акын Ж.Бөкөнбаев драмалык жанрга кайрылып, элдин турмушун кеңири сүрөттөө жолуна түшөт. Аялдар азаттыгы, теңдиги үчүн Ж.Бөкөнбаев "Алтын кыз" драмасын жазгандыгы баарына маалым. Чыгармада эски жана жаңы турмуш адамдар аркылуу гана эмес, үрп-адат, салт-санаа аркылуу да көрсөтүлгөндүгү, бир жагында ырым-жөрөлгө, зордук-зомбулук, эски салт-санаа четке ыргытылган эркин жана маданияттуу турмуш экендиги, экинчи жагында кудай-пайгамбар, жин-шайтан, давана, молдо, зордук-зомбулук өкүм сүргөн, ырым-жөрөлгөнүн, караңгылыктын чеңгелинде калган эски турмуштун калдыгы экендиги көрсөтүлөт. Драмада сүйүү маселесинин көрсөтүлүшүнө, эски калдыктардын зордук-зомбулугуна каршы жаштардын өз эркинче сүйүшү(Жапар менен Чынар), бул сүйүү элди сүйүү, эл үчүн күрөштү сүйүү менен тыгыз байланыштуу экендиги аныкталган.

Ж.Бөкөнбаев жумушчулар турмушун көрсөтүүгө көбүрөөк умтулган. Андан кийин Лениндин жетекчилиги, камкордугу аркасында гүлдөгөн кыргыз жерин сүрөттөгөндүгүнө токтолот.

Биз бир кезде тирештик,
Жаман менен чалыштык,
Карылуу менен алыштык.
Камандын ичин биле албай,
Биз каманга чалдырдык.
Сенден жобо алалбай
Карылууга алдырдык,

деп кыргыз элинин кылымдар бою боштондук үчүн жүргүзгөн күрөшүн жар салганына ыраазы болот. Улуу Ата Мекендик согуштун башталышы Жоомарттын

чыгармачылыгындагы патриоттук саптардын күч алышына шарт түздү.

Карыга найза илинген
Кадимден баатыр эл элек
Кан бакай баштап жоо сайган
Кайраты ташкан эр элек.
Кан ичип көзү кызарган
Кара жүрөк фашисттер
Бизди канткенде кирет тебелеп.

Ушул эле мезгилде акын "Ажал менен ар намыс" поэмасын жазат. Мындан миң жыл мурун Балх шаарында Шахид деген акындын болгондугун айтып, Шахидди Бөкөнбаев менен салыштырат. Шахид: "Эгерде оттун түтүнүндөй кайгынын да түтүнү болсо, анда бүткүл дүйнөнү түтүн каптаар эле"-дейт (К.Рахматуллин Ж.Бөкөнбаев. /Советтик Кыргызстан, 1944, №8, 8-б.). Шахид болсо дүйнөнү түтүндөй каптаган кайгыны көрүп, кайгырууга гана жараган болсо, Жоомартты активдүү аракетте болгон совет өлкөсүнүн өкүлү экендигин баса көрсөткөн. Адабиятчы "Ажал менен ар намыс" поэмасын автор символикалык мүнөздө жазгандыгын байкап, поэма өлүм менен өмүрдүн символу болгон Ажал менен намыстын кармашуусун сүрөттөп "Ким кимди жутсам экен" деп, ааламга сугун артып чамынган ажалдын алдынан намыс туура чыгып, аны менен кармашууга бел байлагандыгы поэманын кыскача сюжетин түзөт. "Ажал менен ар намыс" – сюжеттик курулуш жагынан бүгүнкү турмуштан алынган окуяларды көрсөткөн реалисттик чыгарма" (К.Рахматуллин Ж.Бөкөнбаев. / Советтик Кыргызстан, 1943, 65-б.). Кыскасы, чыгармада мекенди сүйүүнү, ал үчүн каармандарча күрөшүүнүн интернационалдык үлгүсү баяндалат.

Белсемдүү кыргыз жазуучуларынын бири, чоң прозаик, чебер драматург К.Жантөшев жөнүндө да К.Рахматуллин айтпай кеткен эмес. К.Жантөшевдин тунгуч драматург экендигин элестетүү менен эки чыгармасы "Карачач" жана

“Эки жаш” повестин салыштырып караган: “Карчачта” кул катары сатылып кордук, зордук мун-зар ичинде жүргөн кыргыз аялы катарында көрсөтүлсө, “Эки жашта” эркиндик, теңдикке жетишкен, ал гана эмес өзү ошо эркиндик, теңдик үчүн күрөшкөн, аягында барып бүт бир колхоздун жетекчиси болгон аялды көрөбүз” (Көрсөтүлгөн адабият, 224-б.).

Адабиятчы К.Жантөшевдин “Каныбек” романынын жанрлык өзгөчөлүгү тууралуу мындай дейт: “...роман болууга караганда жомокко көбүрөөк жакын. Тагыраак айтсак, жомоктон романга өтүүчү форма. Мунун себеби, чыгарма социалдык, экономикалык шарттарды, турмушту, үрп-адатты бир топ көрсөтөт, бул жагынан автор өзү сүрөттөгөн доорду жогорку чеберчиликте берет, бирок, сюжет түзүү, башкы баатырларынын образы жана тили жагынан алсак, жомоктордон көп айырмасы жок” (Көрсөтүлгөн китеп, 224-б.).

Бул жөнүндө Ш.Бейшеналиев: “Каныбек” жазуучунун чыныгы элдик турмуштун социалдык тиричиликтери курчуган учурдагы мүнөздүү жактарын сүрөттөгөн социалдык-турмуштагы роман” (Ш.Бейшеналиев Калк кастарлаган Каныбек. / Ленинчил жаш,1964, 20-сентябрь),-деп белгилейт. Кыскасы, чыгарма 19-20-кылымдагы турмуштун социалдык, экономикалык, маданий, психологиялык жагдайын көркөм чындыкка айкалыштырган роман-эпопея болуп саналат.

“Каныбектин” сюжети башкы баатыр Каныбектин өмүр жолуна байланыштырып түзүлгөндүгүн, автор доорду Каныбек аркылуу көрсөтмөк болгондугун далилдейт. Чыгарма өткөндөгү турмуштун, үрп-адатын айрым көрүнүштөрүн туура жана кооз сүрөттөгөндүгүн кубаныч туулук менен айкындайт. “Каныбек” романы кыргыз элинин турмушун, үрп-адатын кеңири көрсөткөндөй, өзүндө сүрөттөлгөн доорго жараша кыргыздын тил байлыгы да кеңири иштелгендигин эскертет.

Романда макал-лакаптардын туш келди колдонулгандыгын, жети жашар бала да макал-лакап менен сүйлөгөндүгү белгиленген. “Буга Каныбектин өзү эле мисал. Анын теңтушу Сүйүмкан да “ат башына күн өтсө, ооздугу менен суу кечет, эр башына күн түшсө, өтүгү менен суу кечет”. Аман-эсен чоңоюп, эр жетсең жаман Сүйүмканды эсиңе ала жүр”,-деп коштошот. Биринчиден, бул жерде бул макал эмне маани бергени түшүнүксүз. Экинчиден, аны айтып жаткан Сүйүмкан 10-11 эле жашар болот. Демек, адабиятчынын жөндөөсү чындыгында эле обьективдүүбү?

Адабиятчы андан ары Т.Сыдыкбековдун өмүр баянынан кабар берип, ырларына токтолот. Акындын башкы темасы социалисттик эмгек экендигин таамай белгилейт.

Эмгек кылып тез чаппай,
Эмгекчи карды тоёбу?
Жапырган терең эмгекти
Ысык жүрөк жайнасын,-

деп эмгекке үндөп, жалаң гана дээрлик дыйканчылык эмгекти, колхоз эмгегин ырдагандыгын белгилеген. “Кетменчилер күүсү”, “Микрофон ырдады”, “Маданият өзгөрдү”, “Аткан ок” деген ырлары социалисттик курулушту, социалисттик эмгек майданындагы жеңиштерди сүрөттөгөндүгүн айкындаган. “Ленинди чалдар айтышканда” деген ырында:

Аргымак аттай күлүк
Арымын жерип жүгүргөн
Атыр кыраандай тийип,
Душманын жеңип бүлдүргөн,-

деп фольклордук ыкмада, Лениндин образын бергендигине кубанат. Акындын “Түн жарчысынан кабар” деген поэмасы совет чегин сактап турган кызыл аскерлердин каармандыгын берген. Акырында К.Рахматуллин Т.Сыдыкбековдун “Тоо арасында” романын талдоого алат. Роман совет доорундагы кыргыз айылындагы элдин турмушун, үрп-адаттардын, көз караштардын, булардын

бири-бири менен күрөшүн чагылдырарын аныктаган. Кыргыз айыл, кыштагындагы колхоздошуу ишинин кандай өткөндүгүн, колхоз үчүн күрөш кандай жүргөндүгүн кеңири бергендигин белгилейт. Романдын биринчи, экинчи бөлүгүндөгү сюжетине токтолуу менен бирге чыгармадагы оң жана терс образдар ачык, даана талданган жана эски менен жаңынын күрөшүн жандуу образдар аркылуу бергенин көрсөтөт. "Тоо арасында" окуялардын схемасын эмес, турмуштун өзүн берет" (Көрсөтүлгөн адабият, 255-б.).

Демек, мында адабиятчы Т.Сыдыкбековдун реалист жазуучу экендигин айкындайт. Бул пикир азыр да колдоого арзып жатат. Адабиятчы К.Асаналиев: "Т.Сыдыкбековдун реализминин эң күчтүү бөтөнчөлүктөрүнүн бири карапайым адамдардын турмушундагы не бир уңкул-чуңкулдарды көрө билүү, сезе билүү касиети "Тоо арасында" романында даана байкалды",-деп белгилейт (К.Асаналиев. Кыргыз адабиятынын устаты. / Советтик Кыргызстан,1962, 5-октябрь).

К.Рахматуллин романдын тили тууралуу: "Роман тилге да бай. Ар бир катмардын ар бир адамдын тил бөтөнчөлүгүн да эске алган" деп чыгарманын тилинин молдугун баамдаган (Көрсөтүлгөн адабият, 256-б.).

Кыргыз совет адабиятынын жаңыдан жаралып, түзүлүшүнө К.Баялинов баалуу салым киргизген. Ал өзүнүн көркөм прозалары менен биринчи болуп адабиятыбызда проза жанрын өнүктүрдү десек жаңылышпайбыз. Өзгөчө жазуучунун "Ажар" повестинин жарыкка келиши кыргыз адабиятынын тарыхында чоң көрүнүш болду. Анткени, "Ажар" менен кыргыздын реалисттик прозасынын тарыхы башталат. "Ажар" советтик боордош: өзбек, азербайжан, орус ж.б. элдердин тилдерине которулду. Бул повесть туурасында адабий сынчы К.Артыкбаев: "Кыргыз совет адабияты жаңыдан тамтуң басып эки жашка кадам койгон кезде, башкача айтканда, али реалисттик проза жанры жок кезде, К.Баялиновдун "Ажары" өзүнүн ажарлуу жүзү менен бүткүл

совет окуучуларынын жүрөгүн бийлеп, ал түгүл англичан, немец, француз, чех элдери сыяктуу чет өлкөлүк окуучуларды да: "кош боорум, Ажар!"-дедиртип муңканткан болучу",-деп көрсөтөт (К.Артыкбаев. Сын сапары. –Ф.: Кыргызстан, 1970, 56-б.).

К.Баялиновдун дүйнөнү дүңгүрөткөн "Ажар" повести туурасында өз мезгилинде тунгуч сынчы К.Рахматуллин белгилүү даражада илимий көз карашын ыйгарган. Окуу китебинде сынчы "Ажардын" кыскача мазмунун айтып берип, чыгарма таптык мамилелерди туура түшүндүргөндүгүн белгилейт. Адабиятчы повесттин дагы бир жетишкендиги деп ата-эненин сезимин, ата-эненин жана баланын бири-биринин сүйүүсү экендигин көрсөтөт. Ал эми образдарды сүрөттөө жагынан алганда К.Баялиновдун бул чыгармасында сентиментализм таасири бар экендигин айкындайт. Чындыгында автор Ажардын анын ата-энесинин көргөн кордуктарын, турмушунун оордугун көрсөтүп, окуучуну аларга тилектеш кылууну максат кылган. Бирок, анын каармандары, өзгөчө Ажар мөгдүрөп, өз эркиндиги үчүн күрөшө алган эмес. "Ажар" повестинин сюжети 1916-жылдагы көтөрүлүшкө байланыштуу. Бирок, дал ушул 16-жылдагы окуяларды көрсөтүү жагы эч канаатандыра албайт",- деп өзүнүн ачык, даана пикирин айткан.

Т.Үмөталиев - адабий жанрдын ичинен лирика менен эпикалык баяндоо мүнөзүндөгү поэма жанрына бөтөнчө жакын акын. Ал өзүнүн чыгармачылыгында бир катар поэмаларды жаратты. Алардын ичинен "Айсулуу", "Кубат", "Жыпар" өндүү поэмаларды айтууга болот. Адабий сынчы К.Рахматуллин акындын "Айсулуу" аттуу поэмасына берген сыны ушул мезгилге чейин маанисин жогото элек десек болот. Сынчы "Айсулуу" поэмасынын сюжет жагынан кичине болгону менен, темасынын актуалдуулугу жагынан маанилүү чыгарма экендигин белгилеген. Поэманын кыскача сюжетине токтолуп, Айсулуу менен Абазбектин кандай адам экендигин сүрөттөгөндүгүн бир катар мисалдар менен берет.

Чыгармада жаңы турмушту, жаңы адамдардын арасындагы жаңы мамилелерди, жаңы сүйүүнү бергендигин эскертет. Поэмада бул идея менен катар мекенди сүйүү-патротизм идеясы берилгендиги да көрсөтүлөт. Бирок, Абазбектин өзгөрүп, эпкиндүү иштегендигин автор турмуштагыдай кылып бере адбагадыгы, сүрөттөөгө караганда баяндоо манерасы басымдуулук кылаарын айгинелейт.

Улуу Ата Мекендик согуш совет адабияты үчүн да өзгөчө учур болду. Анын тематикалык-көркөмдүк багытын өзгөрттү. Орус элинин А.Фадеев, А.Толстой, А.Сурков, И.Исаковский, К.Симонов сыяктуу акын, жазуучулардай эле кыргыздын акын, жазуучулары да согуштук кырдаалга ылайык чакырык ырлар, очерк, публицистикалык макалалар жазышып, "оперативдүү" жанрларды күч алдыра баштайт. Душмандын агрессордук аракетин айкын образдар, курч сөздөр менен ашкерелеп, элдин душманды жек көрүү сезимин күчөтүүчү чыгармаларды жазуу, патриоттук демилгелерди ого бетер жайылтуу-советтик жазуучулардын негизги милдетинен болчу. Акын, жазуучулар ошол милдетти аткаруу үчүн күрөшүүгө бет алган.

Китептеги К.Рахматуллин Ата Мекндик согушка арналган адабият деген бөлүмдө акын, жазуучулар да бардык совет эли менен катар Улуу Ата Мекенди коргоого аттанышып, мекенге, анын баатырларына, тылга арнап ырларды, аңгемелерди, пьесаларды жазышкандыгын баяндайт. "Ата Мекендик согушка арналган адабият адегенде, согуш майданын да, советтик тылды да элестетип көрсөтө алган жок. Анткени, ал үчүн болуп жаткан окуяларды байкоого, өздөштүрүүгө убакыт керек эле. Ошондуктан жазылган чыгармалар, ырлар бир нерсени элестетип баяндалбастан, тикеден-тике күрөшкө чакырып, ураан көтөргөн чыгармалар болду. Ал гана эмес, бул агитациялык чакырык духу пьесалардан да көрүнөт" (Көрсөтүлгөн адабият, 265-б.). Чынында алгачкы Улуу Ата Мекндик согушка арналган чыгармаларда терең сезимдерди ачып,

татаал окуяларды байланыштырып жана чечип берүүдөн агитациялык чакырык көбүрөөк жолугат. К.Рахматуллин жалпы Улуу Ата Мекендик согуштун сүрөтүн анын баатырларын жана советтик тылды айкын элестер менен көрсөтүүчү чыгармалар кийин пайда боло баштагандыгын да байкабай койгон эмес. Баарынан мурда алар Улуу Ата Мекендин өзүнө арнап, аны жан аябай коргоого чакырышкандыгы эскерилет. Ж.Турусбековдун "Кайда качат?", Ж.Бөкөнбаевдин "Саламы ушул Сайранын", С.Сасыкбаевдин "Энелер", А.Үсөнбаевдин "Баатырлар", Т.Үмөталевдин "Тулпар", "Кылыч" деген элдин патриоттук демилгесин козгогон ырларынын мазмунуна токтолгон.

Т.Сыдыкбековдун "Согуш күндөрүндө" деген жыйнагындагы "Эрдик" деген аңгемедеги Александр менен Петрдун көрсөткөн эрдиктерин белгилеп, автор ошолордой болууга элди чакыргандыгын сыймыктануу менен көрсөтөт.

К.Маликовдун "Ленинград согуш күндөрүндө" деген очерки душмандардын курчоосунда калган Ленинград шаарынын абалы, аны коргоочулардын баатырдык каармандыгын көрсөтүүгө арналган. Бул очеркте СССР элдеринин кажыбас бирдигин, Мекенди коргоо үчүн бир адамдай баш кошуп, даяр тургандыгы чыгармада түзүк чагылган.

А.Токомбаевдин "Тянь-Шандык чалгынчы" – панфиловчу баатыр Ашырбай Коёнкөзовдун согуш майданында башынан өткөргөн иштерин, көрсөткөн баатырдыгын сүрөттөгөн очерк. К.Рахматуллин очерктин мазмунуна токтолуу менен бирге, Ашырбайдын образы советтик патриотизмдин, советтик элдин баатырдык үлгүсүн көрсөтөрүнө ишенет.

С.Сарбагышев менен К.Жантөшев тарабынан түзүлгөн "Азаматтар" аттуу согушка арналган пьесаны кыскача сюжетин баян этип; "Пьесанын баатырлары: Таштан, Мария, Мамыт, Күлүя, Сергей, Зубов, Сахаров, Гриша. Булар баалуулуктар идеясы үчүн күрөш жолуна жанын берүүгө баш

тартпаган советтик ак жүрөк патриоттор" - (Көрсөтүлгөн адабият, 276-б.) деп, баатырлардын патриоттулугуна жана чыгармада интернационализм духунун чагылышына баа берет.

"Авторлор советтик патриотизмди көрсөтөбүз деп, Таштанды, анын энесин, Марияны, атасы Иванды ораторго айландырып жиберишет. Таштан кетип бараткандагы сүйлөгөн сөздөр, фронтко жакын адамын узатып жаткан үй-бүлөнүн картинасын бербейт. Андагы ораторлор сүйлөп жаткан салтанаттуу чогулуштун элеси берилет" (Көрсөтүлгөн адабият, 277-б.) С.Сарбагышев жана К.Жантөшев тарабынан жазылган "Азаматтар" аттуу пьесасында учураган мүчүлүштүктөрдү көрө билген жана аны тайманбастан баса белгилеген. Кыскасы, "Кыргыз адабиятынын очеркиндеги" К.Рахматуллин тарабынан иштелген "Кыргыз совет адабияты" бөлүмүндө 1943-жылга чейинки кыргыз адабиятындагы төл чыгармалардын алгылыктуу жактары менен кемчиликтери бир кыйла обьективдүү изилденген.

Корутунду

Белдүү адабиятчы К.Рахматуллиндин кыргыз элинин элдик оозеки чыгармачылык казынасына кызыгып, ага бир далай изилдөөлөр жүргүзүлгөндүгүн көрдүк. Адабиятчынын "Улуу патриот, укмуштуу Манас", "Манасчылар" жана башка "Манас"эпосу тууралуу илимий - изилдөө эмгектери, макалалары азыр кыргыз адабиятында түгөнгүс кенч болуп кала бермекчи.

К.Рахматуллин алгачкылардан болуп фольклористикага берген классификациясы алиге чейин өз маанисин жоготкон жок. Адабиятчы өз мезгилинде эле акын, жазуучулардын чыгармачылыгына баа берип, ага орчундуу талаптарды коюп, адабиятта болгон ийгиликтерге жана мүчүлүштүктөргө токтолгондугун жогоруда сөз кылдык.

Адабиятчынын илимий эмгектерин өз демилгем менен Республикалык архивден, Улуттук китепкананын архивинен, Кыргыз улуттук илимдер академиясынын фондусунан жана үй-бүлөсүнөн издеп тапкан элем. 1977-жылы ал баалуу материалдарды толугу менен машинкага бастырып, басмага даярдап, дипломдук ишимдин жетекчиси, окумуштуу К.Артыкбаевге бергем. Ал материалдардын тагдыры ошо бойдон мага белгисиз.

Жалпылаштырып айтканда, Калим Рахматуллиндин "Манас" эпосуна берген баасы, чыгарманын мазмуну, көркөмдүк касиеттери, жомокту айтуучулардын чыгармачылык өзгөчөлүктөрү жөнүндөгү байкоолору, жоромолдору, илимий корутундуларынын маанисинин тереңдиги, тактыгы менен айырмаланып, бүгүн да өз күчүн жоготпойт.

Адабитяттар:

1. Артыкбаев К. Сын сапары. -Ф.: Кыргызстан,1966.- 252 б.

2. Артыкбаев К. Чыгармалар жана ойлор. -Ф.: Кыргызстан ,1974.-261 б.

3. Апушкин Я. Великий патриот легендарный Манас (О книге К.Раматуллина) // Советская Киргизия, 1943, 14-апрель.

4. Асаналиев К. Кыргыз романынын устаты // Советтик Кыргызстан, 1962, 5-октябрь.

5. Айтматов Ч. Жаңычылдын жөлөктөрү // Кыргызстан маданияты, 1977, 28-апрель.

6. Ауэзов М. Манасчылар // Ленинчил жаш, 1966,15-сентябрь.

7. Байжиев Т., БектеновЗ. Кыргыз адабияты 8-класстар үчүн окуу китеби. –Ф.: Кыргызмамбас, 1949. - 310 б.

8. Богданова М. Кыргыз адабиятытын очерки, -Ф.: Кыргызмамбас, 1943.-290 б.

9. Богданова М. Кыргызская литература. -М.: АН СССР, 1947. -380 с.

10. Бернштам А. Даңктуу дата // Кызыл Кыргызстан, 1945, 30-сентябрь.

11. Левин М. Манас и Алмамбет //Ленинский путь, 1951,18-апрель.

14. Липкин С. Манас и Алмамбет //Советская Киргизия, 1944, 12-ноябрь.

15. Исмаилов С. Акындар. -Алматы, Казакстан, 1956. -235 б.

16.Иманалиев К. Орто мектепте адабиятты окутуунун айрым маселелери. -Ф.: Кыргызстан, 1976. -228 б.

17.Маленов Б. Баатырдык эпостор жөнүндө изилдөө // Советтик Кыргызстан, 1971, 20-январь.

18. Маленов. М.Элебаевдин чыгармачылык жолу. -Ф.: Кыргызстан, 1972.-210 б.

19.Мамыров М. Манасчылар //Ала-Тоо, 1971, №8.

20.Мусаев С.,Таштемиров Ж. Кыргыз адабияты 8-класстар үчүн окуу китеби. -Ф.: Мектеп, 1976.- 340 б.

21.Рахматуллин К. Манасчылар. -Ф.: Кыргызмамбас,1942.-180 б.

22.Рахматуллин К. Улуу патриот, укмуштуу Манас. -Ф.: Кыргызмамбас, 1943. -270 б.

23.Рахматуллин К. Манас жана Алмамбет // Советтик Кыргызстан, 1944, №9.

24. Рахматуллин К. Манас улуу патриот // Советтик Кыргызстан, 1942,№3.

25. Рахматуллин К. Манас // Кызыл Кыргызстан, 1945,30-сентябрь.

26. Рахматуллин К. Мекен үчүн аттанган кыргыз эли. – Ф.: Кыргызмамбас,1943. -195 б.

27. Рахматуллин К. Кыргыз элинин баатырлык салты. – Ф.: Кыргызмамбас, 1943. -187 б.

28. Рахматуллин К. Жоомарттын чыгармачылык жолу // Советтик Кыргызстан, 1943, №2.

29. К.Рахматуллин. Ажал менен ар намыс // Советтик Кыргызстан, 1943, №11.

30. Рахматуллин К. Пути Кыргызской литературы // Советская Киргизия, 1943, 12-декабрь.

31. Рахматуллин К. За 20-лет // Литературная газета, 1946, 2 март.

32. Рахматуллин К. Кыргыз адабиятынын чыгышы // Советтик адабият жана искусство, 1941, №3.

33. Рахматуллин К. Кыргызская литература // Советская Киргизия. 1946, 5 май.

34. Рахматуллин К. Вольное собрание с классиком // Советская Киргизия 1942, №3.

35. Рахматуллин К. Эл акыны Алымкул // Советтик Кыргызстан, 1942, №8.

36. Рахматуллин К. Кыргыз адабияты согуш күндөрүндө // Советтик Кыргызстан. 1943, №8.

37. Рахматуллин К. Наука в Киргизии за 20лет. (1926-1946). -Ф.: Кыргызмамбас, 1946.-С.189.

38. Рахматуллин К. Кыргыз адабиятынын очерки. -Ф:. Кыргызмамбас, 1943.-290 б.

40. Рахматуллин К., Нанаев К. Биздин адабият, 7-класстар үчүн хрестоматия. -Ф.: Кыргызмамбас, 1943.-320 б.

41.Рахматуллин К. Кыргыз адабияты / Большая советская энциклопедия. -М.: Наука. Т. 32, -193 б.

42.Суванбеков Ж. Кыргыз фольклору тууралуу эмгек //Кыргызстан маданияты, 1975, 29-май.

43. Самаганов Ж. Советтик Кыргызстан жазуучулары. -Ф.: Кыргызстан, 1976. -370 б.

44.Таштемиров Ж. Тоголок Молдонун чыгармачылык жолу. –Ф.: Кыргызстан, 1956. -270 б.

45. Токомбаев А. К.Рахматуллин // Советтик Кыргызстан, 1946, №7-8.

46. Токомбаев А. Тунгуч драматург К.Жантөшев // Советтик Кыргызстан 1955. №1.

47. Түлөкабылов М. К.Баялинов. –Ф.: Кыргызстан, 1962. -195 б.

48. Юнусалиев Б. Манас. Т.1. –Ф .: Кыргызмамбас, 1958. -365 б.

Мазмуну

Киришүү..... 3

I Глава. Калим Рахматуллин-фольклорист..... 7

II Глава. Окуу китебинин автору- Калим Рахматуллин 32

III Глава. Калим Рахматуллин- алгачкы адабий сынчы 44

Корутунду..... 66

Адабияттар..... 67

СВЕТЛАНА БАТАКАНОВА

“МАНАС” ТААНУУЧУ – КАЛИМ РАХМАТУЛЛИН

Редактору *Абдыкадырова М.Б.*
Корректору *Шералиева А.Ж.*
Компьютердик калыпка салган *Салиев Э.Ж.*

Терүүгө 13.02.2013-жылы берилди.
Басууга 24.04.2013-жылы кол коюлду.
Форматы 60x84 $^{1}/_{16}$. Көлөмү 4,5 басма табак.
Нускасы 100 даана.

Кут-Бер ЖЧК басмаканасында басылды
Бишкек ш., Медеров көчөсү, 68